KYRGYZPATENT

# 2012

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СЛУЖБА ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ И ИННОВАЦИЙ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

KYRGYZPATENT

# 2012

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ

БИШКЕК - 2013

© Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент), 2013
© Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент), 2013

720021, Бишкек ш., Москва көчөсү, 62, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы
720021, г. Бишкек, ул. Московская, 62, Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики

Тел.: (996 312) 68-08-19, 68-16-41; Факс: (996 312) 68-17-03

http://www.patent.kg E-mail: info@patent.kg

# М А З М У Н У

## *С О Д Е Р Ж А Н И Е*


**Кириш сөз**
***Предисловие*** ........................................................................................ 5

I. **Интеллектуалдык менчик жана инновациялар системасын өнүктүрүү**
***Развитие системы интеллектуальной собственности и инновации*** ..................... 8

II. **Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү эл аралык жана ведомстволор аралык кызматташтыкты өнүктүрүү**
***Развитие международного и межведомственного сотрудничества в сфере интеллектуальной собственности*** .............................. 13

III. **Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база**
***Нормативно-правовая база в области интеллектуальной собственности*** .................................................... 22

IV. **Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо. Өнөр жай менчик объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди эксперттөө жана каттоо**
***Охрана объектов интеллектуальной собственности. Экспертиза и регистрация объектов промышленной собственности и селекционных достижений*** ……………………………………………… 27

1. Ойлоп табуулар
*Изобретения* ........................................................................................ 27

2. Пайдалуу моделдер
*Полезные модели* ................................................................................ 29

3. Өнөр жай үлгүлөрү
*Промышленные образцы* ..................................................................... 32

4. Рационализатордук сунуштар
*Рационализаторские предложения* ........................................................ 38

5. Товардык белгилер
*Товарные знаки* .................................................................................. 41

6. Эл аралык товардык белгилер
*Международные товарные знаки* ......................................................... 42

7. Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары
*Наименования мест происхождения товаров* ........................................ 44

8. Фирмалык аталыштар
*Фирменные наименования*........................................ 44

9. Селекциялык жетишкендиктер
*Селекционные достижения*........................................ 45

10. Салттуу билимдер
*Традиционные знания*........................................ 46

11. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо
*Охрана объектов авторского права и смежных прав*........................................ 46

V. **Лицензиялык келишимдерди каттоо**
***Регистрация лицензионных договоров***........................................ 50

VI. **Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу.**
**Сот тажрыйбасы**
***Осуществление прав интеллектуальной собственности.***
***Судебная практика*** ........................................ 53

VII. **Маалымат технологияларын жана системаларын өздөштүрүү**
***Внедрение информационных технологий и систем***........................................ 57

VIII. **Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондусунун ишмердиги**
**жана чыгармачылык ишмердүүлүктү өбөлгөлөө**
***Деятельность Государственного фонда интеллектуальной***
***собственности и стимулирование творческой деятельности*** ........................................ 58

IX. **Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкананын**
**ишмердиги жана маалыматтык тейлөө**
***Деятельность Государственной патентно-технической библиотеки***
***и информационное обслуживание*** ........................................ 68

X. **Маалыматтык жана редакциялык-басма ишмердиги**
***Информационная и редакционно-издательская деятельность*** ........................................ 70



**НАЗАРБЕКОВ МАРАТ РЫСБЕКОВИЧ**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) төрагасы**

***Председатель Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент)***

**Урматтуу окурмандар!**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (Кыргызпатент) иштеген ишинин дагы бир жылы жыйынтыкталды. Биздин ведомство үчүн бул жыл маанилүү окуя менен коштолду. 2012-жылдын февралынан тартып Кыргызпатентке өлкөдөгү инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү милдети жүктөлдү.

Чоң жетишкендиктерге жеттик деп айтууга али эртерээк, бирок бир кыйла маанилүү иштер жүргүзүлдү. Инновациялар жаатындагы ченемдик укуктук актыларга инвентаризациялоо жүргүзүлдү, эл аралык тажрыйбалар менен тааныштык жана өнүктүрүү багыттары аныкталды. Мындан тышкары, ушул жылдын июлунда инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын калыптандырууга, улуттук инновациялык системаны өнүктүрүүнү өбөлгөлөөгө, инновациялык долбоорлорду жана ишканаларды колдоо үчүн технопарктарды түзүүгө багытталган Кыргызпатент менен «Сколково» фондунун (Россия Федерациясы) ортосундагы кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду.

Инновациялар жаатындагы маалыматтык жана кеңеш берүүчү жардамдар аймактардагы ишкерлерге дагы көрсөтүлдү. Өлкөбүздүн түштүгүнүн борборунда Ош социалдык университетинин негизинде Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун филиалы ачылды. Ушундай борборлор ойлоп табуучуларды жана окумуштууларды патенттик жана патенттик эмес маалыматтык ресурстар менен камсыздайт.

Ведомствонун интеллектуалдык менчик объектилерине жана салттуу билимдерге укуктук коргоо берүү, чыгармачылыкты өркүндөтүү, ошондой эле патенттик-техникалык маалыматтардын улуттук системасын өнүктүрүү боюнча милдеттеринен тышкары, 2012-жылы 2012-2016-жылдарда Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын милдеттерин ишке ашыруу боюнча иштер башталды, бул иштердин натыйжасында жакынкы жылдарда интеллектуалдык жана инновациялык ишмердүүлүк системасы жаңы деңгээлге чыга алмакчы. Иш-чараларды ишке ашыруунун биринчи жылы инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүдөгү, интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоонун натыйжалуу системасын аныктоодогу, көрсөтүлүүчү тейлөө кызматынын сапа-

**Дорогие читатели!**

Завершился ещё один год работы Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент). Этот год для нашего ведомства ознаменовался важным событием. С февраля 2012 года Кыргызпатент наделен функцией развития инновационной деятельности в стране.

О больших достижениях говорить рано, но сделано несколько важных шагов. Проведена инвентаризация нормативных правовых актов в сфере инноваций, изучен международный опыт и определены направления развития. Кроме того, в июле этого года состоялось подписание соглашения о сотрудничестве между Кыргызпатентом и Фондом «Сколково» (Российская Федерация), нацеленное на формирование инфраструктуры инновационной деятельности, стимулирование развития национальной инновационной системы, создание технопарков для поддержки инновационных проектов и предприятий.

Информационная и консультационная помощь в сфере инноваций предоставлена и предпринимателям в регионах. В южной столице страны открыт филиал Центра поддержки технологий и инноваций на базе Ошского социального университета. Такие центры обеспечивают изобретателям и ученым бесплатный доступ к патентным и непатентным информационным ресурсам.

Помимо задач ведомства по предоставлению правовой охраны объектов интеллектуальной собственности и традиционных знаний, развитию творчества, а также развитию национальной системы патентно-технической информации, в 2012 году начата работа по реализации задач Национальной стратегии развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2012-2016 годы, которая в ближайшие годы должна вывести систему интеллектуальной и инновационной деятельности на новый уровень. Первый год реализации мероприятий дал задел поиску путей решения развития инновационной деятельности, эффективной системы защиты прав на объекты интеллектуальной собственности, повышению качества и расширению спектра предоставляемых услуг. Проводилась систематиче-

тын жана түрлөрүн кеңейтүүнү жогорулатуудагы колдонулуучу ыкмаларды изденүүнүн алкагында өттү. Эл аралык ченемдерди жана иш жүзүндө укук колдонуу тажрыйбаларын эске алуу менен интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлдү.

Бул жылы, биз ошондой эле Кытай жана Польша патенттик ведомстволору менен кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюу менен эл аралык кызматташуунун алкагын кеңейттик. АКШнын Патенттер жана товардык белгилер боюнча ведомствосу менен кызматташуу жөнүндө меморандум кол коюуга даярдалууда.

2012-жылды негизинен интеллектуалдык менчиктин ата мекендик системасын илгерилетип өнүктүрүүдө оң натыйжа берген жыл катары белгилей кетсек болот. Кийинки жыл дагы мөмөлүү, кызыктуу окуяларга жана жетишкендиктерге бай болот деген ишеничтемин. Мындан тышкары, 2013-жыл – ведомствобуздун юбилейлик жылы – Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик системасынын түзүлгөндүгүнө 20 жыл болот.

Жыйынтыктап жатып, Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик жана инновациялар системасын өнүктүрүүгө салым кошкондордун бардыгына ыраазычылыгымды билдиремин.

***Урматтоо менен,***
***М. Р. Назарбеков***

ская работа по совершенствованию законодательства Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности с учетом международных норм и правоприменительной практики.

В этом году мы также расширили диапазон международного сотрудничества, подписав соглашения о сотрудничестве с патентными ведомствами Китая и Польши. Готовится к подписанию Меморандум о сотрудничестве с Ведомством по патентам и товарным знакам США.

В целом, 2012 год можно отметить как год положительной динамики в развитии отечественной системы интеллектуальной собственности. Следующий год также обещает быть плодотворным и насыщенным интересными событиями и достижениями. Кроме того, 2013 год – юбилейный год для ведомства – 20 лет со дня образования системы интеллектуальной собственности в Кыргызской Республике.

В заключение, я хотел бы поблагодарить всех, кто внес вклад в развитие системы интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике.

***С уважением,***
***М. Р. Назарбеков***

## I. Интеллектуалдык менчик жана инновациялар системасын өнүктүрүү

2012-жыл 2012-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилге эсептелген Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын (мындан ары – Улуттук стратегия) ишке ашыруунун биринчи жылы болду. Ушул жылы интеллектуалдык менчик жана инновациялар системасын өркүндөтүү боюнча зарыл ченемдик укуктук базаны, негизинен инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү чөйрөсүндө ылайыктуу инфраструктураны, кадрларды даярдоого, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатындагы укук бузууларды алдын алуу жана аларга тыюу салуу боюнча мамлекеттик органдардын ортосунда өз ара иштешүүгө, көрсөтүлүүчү тейлөө кызматынын сапатын жана түрлөрүн кеңейтүүнү жогорулатууга багытталган иш-чаралар ишке ашырылды.

## 1. Развитие системы интеллектуальной собственности и инноваций

2012 год – стал первым годом реализации Национальной стратегии развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике (далее – Национальная стратегия), рассчитанной на период с 2012 по 2016 годы. В этом году были реализованы мероприятия направленные на подготовку необходимой нормативной правовой базы по совершенствованию системы интеллектуальной собственности и инноваций, соответствующей инфраструктуры, кадрового потенциала, в частности в сфере развития инновационной деятельности, а также на взаимодействие между госорганами по предупреждению и пресечению правонарушений в области интеллектуальной собственности, повышения качества и расширение спектра предоставляемых услуг.



Р. Марчант, ИМБДУнун көз карандысыз эксперти
*Р. Марчант, независимый эксперт ВОИС*

Улуттук стратегиянын алкагында атайын даярдалган беш долбоорду ишке ашыруу башталды. «Кыргызстандын ойлоп табуучуларынын жана жаңычылдарынын жаңы мууну» деген долбоору Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун адистери тарабынан ишке ашырылат жана окуучулар менен жаштар-

Начата реализация пяти специальных проектов в рамках Национальной стратегии. Проект «Новое поколение изобретателей и новаторов Кыргызстана» осуществляется специалистами Государственного фонда Интеллектуальной собственности и предполагает формирование среды для развития научно-

дын илимий-техникалык дараметин өнүктүрүү үчүн чөйрөнү калыптандырууну, илимий-техникалык чыгармачылык борборлорунун тармактарын түзүүнү караштырат. «Интеллектуалдык менчик маселелери боюнча укуктук мектеп» долбоорунун алкагында укуктарды колдонуу тажрыйбаларын жакшыртуу максатында интеллектуалдык менчикти коргоо маселелерине системалык окутуу үчүн укук коргоо жана сот органдарынын окуу борборлору менен келишимдер түзүлдү.

Отчеттук жылы «Чакан жана орто ишканалардын инновациялык ишмердүүлүгүнө маалыматтык жардам берүү» долбоору боюнча чакан жана орто ишканалардын инновациялык ишмердүүлүгүн колдоо үчүн маалыматтык инфраструктураны өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлдү. «Контрафактылык продукция Кыргызстандын калкынын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирет» деген долбоор тамак-аш азыктарын, балдар товарларын, дары-дармектерди кошкондо, бардык контрафактылык продукцияларды пайдаланууга каршы күрөшүүнүн бирдиктүү системасын түзүүгө багытталган маанилүү долбоорлордун бири болуп эсептелет. 2012-жылы жакынкы үч жылга интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо жаатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен Кыргызпатенттин өз ара иштешүүсү боюнча Ведомстволор аралык иш-чаралардын планы иштелип чыккан жана бекитилди, «Дары каражаттары жана медициналык техника», «Тамак-аш өнөр жайы» жана «Алкоголдук продукция», «Аудио-, видеопродукция», «Программалык камсыздоо» деген өзүнчө багыттарда Интеллектуалдык менчик жаатында тартип бузууларга каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын жумушчу тобу түзүлдү. «Коомдун туруктуу өнүгүшү үчүн салттуу билимдер» деген долбоор боюнча 2012-жылы салттуу билимдер жаатында изилдөөлөргө байланыштуу багыттар боюнча жумушчу топту түзүү, ошондой эле салттуу билимдерди жана аймактардагы тургундардын ичинен алардын ээлерин табуу боюнча суроолор тизмегин түзүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

технического потенциала школьников и молодежи, создание сети центров научно-технического творчества. В рамках проекта «Правовая школа по вопросам интеллектуальной собственности» были заключены договоры с учебными центрами правоохранительных и судебных органов для проведения системного обучения вопросам защиты интеллектуальной собственности в целях улучшения правоприменительной практики.

В отчетном году проводилась работа по развитию информационной инфраструктуры для поддержки инновационной деятельности малых и средних предприятий по проекту «Информационное содействие развитию инновационной деятельности малых и средних предприятий». Одним из важных проектов является проект «Контрафактная продукция – угроза жизни и здоровью населения Кыргызстана», направленный на создание единой системы противодействия обороту контрафактной продукции, включая продукты питания, детские товары, лекарственные препараты. В 2012 году разработан и утвержден Межведомственный план мероприятий по взаимодействию Кыргызпатента с Государственной службой по борьбе с экономическими преступлениями при Правительстве КР и Государственной таможенной службой при Правительстве КР в области охраны объектов интеллектуальной собственности на ближайшие три года, сформирован состав рабочих групп Межведомственной комиссии по противодействию нарушениям в области интеллектуальной собственности по отдельным направлениям: «Лекарственные средства и медицинская техника», «Пищевая промышленность» и «Алкогольная продукция», «Аудио-, видеопродукция», «Программное обеспечение». По проекту «Традиционные знания для устойчивого развития общества» в 2012 году велась работа по формированию рабочей группы по направлениям, связанным с исследованиями в области традиционных знаний, а также разработке вопросника по выявлению традиционных знаний и их обладателей среди жителей регионов.

Ушул жылы өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү болуп калды. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы № 12 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар жөнүндө" токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматы бирдиктүү мамлекеттик инновациялык саясатты жүргүзүүнүн ыйгарым укуктарын берүү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы болуп кайра түзүлдү.

Ушуга байланыштуу, улуттук инновациялык системаны үзүрдүү калыптандыруу үчүн жана инновациялык ишмердүүлүктү башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик инновациялык саясатты ишке ашыруу, министрликтердин, ведомстволордун ишин координациялоо жана инновациялык долбоорлордун жайылтылышын ведомстволор арасында контролдоону күчөтүү, ошондой эле "Инновациялык ишмердүүлүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-ноябрындагы № 790 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Инноватика боюнча кеңеш түзүлдү.

2012-жылы экономиканын тармактары боюнча Кыргыз Республикасынын инновациялык долбоорлорунун реестри жүргүзүлө баштады, анда анын кайсы тармакта колдонулушу, жайылтууга даяр болгон деңгээли, жалпы наркы жана акталуу мөөнөтү көрсөтүлгөн. Реестрде бизнес-коомдоштуктардын инвесторлору жана өкүлдөрү үчүн маалыматтар бар. Кийин реестрдин негизинде он-лайн режиминде жайгаштырылуучу инновациялык долбоорлордун маалыматтар базасы түзүлөт.

Мындан тышкары, инновацияларды өнүктүрүү жаатындагы эл аралык мыйзамдарга жана башка мамлекеттердин тажрыйбаларына, негизинен инновациялык борборлорду түзүү чөйрөсүнө, инновациялык долбоорлорду тандоого жана улуттук инновациялык системаны калыптандырууга олуттуу көңүл бурулууда.

Одним из приоритетных направлений развития в этом году стало развитие инновационной деятельности. В соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об органах государственного управления при Правительстве Кыргызской Республики и других организациях в ведении Правительства Кыргызской Республики» от 12 января 2012 года № 12, Государственная служба интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики преобразована в Государственную службу интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики, с предоставлением полномочий ведения единой государственной инновационной политики.

В этой связи, для эффективного построения национальной инновационной системы и в целях повышения эффективности управления инновационной деятельностью, реализации государственной инновационной политики, координации деятельности министерств, ведомств и усиления межведомственного контроля за внедрением инновационных проектов, а также реализации Закона Кыргызской Республики «Об инновационной деятельности» постановлением Правительства КР от 22 ноября 2012 года № 790 образован Государственный совет по инноватике при Правительстве Кыргызской Республики.

В 2012 году начато ведение Реестра инновационных проектов Кыргызской Республики по отраслям экономики, в котором указаны области применения, степень готовности внедрения, общая стоимость и срок окупаемости. Реестр несет информацию для инвесторов и представителей бизнес-сообществ. В последующем на основании реестра будет создана база данных инновационных проектов, которая будет размещена в режиме онлайн.

Кроме того, большое внимание уделяется международному законодательству и опыту других государств в области развития инноваций, в частности в сфере создания инновационных центров, отбора инновационных проектов и становления национальной инновационной системы.

2012-жылдын 24-июлунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы менен Россия Федерациясынын «Сколково» Жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана коммерциялаштыруу борборунун Өнүктүрүү фондусу Коммерциялык эмес уюмунун ортосундагы кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду. Макулдашуу инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын өнүктүрүү, улуттук инновациялык системаны өнүктүрүүнү өбөлгөлөө, инновациялык долбоорлорду жана ишканаларды колдоо үчүн технопарктарды түзүү үчүн ылайыктуу шарттарды түзүүгө багытталган.

Бүгүнкү күнү Фонддун тажрыйбасы менен инновациялык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү биздин кызыгуулар бир нече багыттарда: маалыматтык технологияларга, телекоммуникацияларга, биомединалык технологияларга жана энергоэффективдүү технологияларга жайылтылды.

Макулдашууну максаттуу ишке ашырууда ойлоп табуучулар жана жаңычылдар биз өлкөбүздө ушу сыяктуу борборлорду ачканга чейин «Сколково» борборунда инновациялык долбоорлор түрүндө өз идеяларын иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк алышат.

Булар ишке ашырылса, өз идеяларын ишке ашыруудан пайда алуучу жеке жаңычылга гана эмес, коом дагы жаңы жана мыкты чыгарылган товар же тейлөө кызматынан түздөн-түз пайда алууга мүмкүнчүлүк алат.

Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоону өнүктүрүүнүн азыркы абалын изилдөө максатында Кыргызпатент тарабынан «2007-2011-жылдардагы мезгилде интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүү» деген serep даярдалды. Изилдөөлөр төмөнкүдөй багыттар боюнча өткөрүлдү: өнөр жай менчик объектилери, селекциялык жетишкендиктер, салттуу билимдер, автордук укук жана чектеш укуктар объектилери, лицензиялык келишимдер, сот практикасы.

Так, 24 июля 2012 года подписано Соглашение о сотрудничестве между Государственной службой интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики и Некоммерческой организацией Фонд развития Центра разработки и коммерциализации новых технологий «Сколково» Российской Федерации. Соглашение нацелено на формирование благоприятных условий для развития инфраструктуры инновационной деятельности, стимулирование развития национальной инновационной системы, создание технопарков для поддержки инновационных проектов и предприятий.

На сегодняшний день наши интересы в опыте Фонда в сфере инновационной деятельности распространены на несколько направлений – информационные технологии, телекоммуникации, биомедицинские технологии и энергоэффективные технологии.

При нацеленной реализации Соглашения отечественные изобретатели и новаторы получат возможность реализовать свои инновационные идеи на практике в виде инновационных проектов в Центре «Сколково», до того, как мы создадим подобные центры в нашей стране.

Это позволит получить выгоду не только индивидуальному инноватору, в виде прибыли от практической реализации своей идеи, если таковая будет успешно реализована, но и общество получит прямые выгоды в виде нового или улучшенного товара или услуги.

В целях исследования современного состояния развития правовой охраны и вопросов защиты интеллектуальной собственности в Кыргызской Республике Кыргызпатентом подготовлен обзор «Развитие системы интеллектуальной собственности за период 2007-2011 годы». Исследования проведены по следующим направлениям: объекты промышленной собственности, селекционные достижения, традиционные знания, объекты авторского права и смежных прав, лицензионные договоры, судебная практика.

2007-2011-жылдардагы мезгилде интеллектуалдык менчик объектилерине укуктук коргоо берүү динамикасын изилдөөдө Кыргызстандын интеллектуалдык менчик жаатындагы ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү илгерилегени көрсөтүлгөн.

Ошондой эле серепте интеллектуалдык менчикти коргоо маселелери, интеллектуалдык менчик боюнча сот иштеринин жана Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешинин маалыматтары, ошондой эле аудиовизуалдык продукцияларды изилдөө жана эксперттөө каралып чыккан.

Иш жүргүзүүнүн сапатын айта турган болсок, анда Кыргызпатентке коргоо документтерин каттоо жана карап чыгуу үчүн кайрылган ойлоп табуучулардын, авторлордун, ар кандай уюмдардын өкүлдөрүнүн анкета толтуруусунун негизинде алынган пикирлери боюнча тейлөө кызматы жетишерлик жогору деңгээлде көрсөтүлгөндүгү белгиленди. Патенттик маалымат алуучулардын көпчүлүгүн анын берилген көлөмү канааттандырат, ал эми өнөр жай объектилери, ошондой эле интеллектуалдык менчиктин башка объектилери боюнча эксперттөө жүргүзүүнүн мөөнөтү мыйзам менен белгиленген ченемди бузбайт.

Тейлөө кызматын көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн ведомстводо жыл сайын ушундай сурамжылоо өткөрүү пландаштырылууда. 2013-жылы анкета толтуруу эксперттөөнүн жана өнөр жай объектилерине коргоо документтерин берүүнүн мониторингине багытталат.

Исследование динамики предоставления правовой охраны объектов интеллектуальной собственности за период 2007-2011 годы показало, что показатели деятельности в области интеллектуальной собственности Кыргызстана поступательно растут.

Также в обзоре рассмотрены вопросы защиты интеллектуальной собственности, данные о судебных делах по интеллектуальной собственности и Апелляционного совета Кыргызпатента, а также исследование и экспертиза аудиовизуальной продукции.

Что касается повышения качества работы, то в рамках проведенного анкетирования, по мнению изобретателей, авторов, представителей различных организаций, обращающихся в Кыргызпатент, отмечено, что качество предоставляемых услуг по регистрации и рассмотрению обращений на выдачу охранных документов находится на достаточно высоком уровне. Большинство опрошенных удовлетворяет объем и доступность патентной информации, а сроки проведения экспертизы по объектам, как промышленной собственности, так и других объектов интеллектуальной собственности не превышают законодательную норму.

Такие опросы в ведомстве планируется проводить ежегодно, для того, чтобы повышать уровень качества оказания услуг. В 2013 году анкетирование будет нацелено на мониторинг экспертизы и выдачи охранных документов по объектам промышленной собственности.

## II. Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү эл аралык жана ведомстволор аралык кызматташтыкты өнүктүрүү

Кыргызпатенттин эл аралык кызматташуусу боюнча 2012-жылдагы ишмердүүлүгү, мурдагы жылдардай эле тиешелүү эл аралык жана эки тараптуу макулдашуулардан келип чыккан Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарын сактоону жана милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылууга, ошондой эле эл аралык уюмдар жана интеллектуалдык менчик боюнча чет элдик ведомстволор менен кызматташууну бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө багытталган.

Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМБДУ), Европа патенттик ведомствосу (ЕПВ), Евразия патенттик уюму (ЕАПУ), Авторлор менен композиторлор коомдорунун эл аралык конфедерациясы (CISAC), КМШ жана алыскы чет өлкөлөрдүн патенттик ведомстволору менен эл аралык кызматташуу жана эл аралык байланыштарды бекемдөө боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

*ИМБДУ менен кызматташуу*

Кыргыз Республикасынын экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүндө интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды натыйжалуу пайдалануу үчүн шарттарды түзүү жана өркүндөтүү, ошондой эле Улуттук стратегиянын долбоорлорун ишке ашырууда бардык тараптан кызматташуу максатында 2012-жылдын 6-февралында «Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын ортосундагы кызматташуу жөнүндө» макулдашууга кол коюлду.

## II. Развитие международного и межведомственного сотрудничества в сфере интеллектуальной собственности

Деятельность Кыргызпатента по международному сотрудничеству за 2012 год, как и в предыдущие годы, была направлена на обеспечение соблюдения интересов и выполнение обязательств Кыргызской Республики, вытекающих из соответствующих международных и двусторонних договоров, а также на укрепление и развитие сотрудничества с международными организациями и зарубежными ведомствами по интеллектуальной собственности.

Ведется работа по международному сотрудничеству и укреплению международных связей со Всемирной организацией интеллектуальной собственности (ВОИС), Европейским патентным ведомством (ЕПВ), Евразийской патентной организацией (ЕАПО), Международной конфедерацией обществ авторов и композиторов (CISAC), патентными ведомствами стран СНГ и дальнего зарубежья.

*Сотрудничество с ВОИС*

В целях создания и развития условий для эффективного использования интеллектуальной собственности и инноваций в экономическом, социальном и культурном развитии Кыргызской Республики, а также всестороннего сотрудничества в реализации проектов Национальной стратегии подписано Соглашение «О сотрудничестве между Всемирной организацией интеллектуальной собственности и Государственной службой интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики» от 6 февраля 2012 года.



Женевада ИМБДУ менен кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюу,
2012-жылдын 6-февралы, солдон оңго карай:
М. Свантнер, ИМБДУнун Европа жана Азиянын айрым өлкөлөрү
боюнча бөлүмүнүн директору, М. Назарбеков, Кыргызпатенттин төрагасы,
Г. Искакова, КРнын Швейцариядагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси,
Ф. Гарри, ИМБДУнун башкы директору
*Подписание Соглашения о сотрудничестве с ВОИС в Женеве,
6 февраля 2012 года, слева направо:
М. Свантнер, директор отдела по некоторым странам Европы и Азии ВОИС,
М. Назарбеков, председатель Кыргызпатента, Г. Искакова, Чрезвычайный и
Полномочный Посол КР в Швейцарии, Ф. Гарри, генеральный директор ВОИС*

2012-жылдын апрелинде Кыргызпатентти автоматташтыруу чөйрөсүндө күндөлүк абалды билүү жана IPAS жана WIPOScan программалык продуктуларын киргизүүнү пландаштыруу үчүн ИМБДУ баалоодон өткөрдү. ИМБДУ тарабынан болгон иш сапардын жыйынтыгы боюнча 2012-жылдын 31-августунда Ведомство тарабынан көрсөтүлүүчү тейлөө кызматынын жаатында ИМБДУ менен Кыргызпатенттин ортосунда кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду. Ушул багыттар боюнча иштер 2012-жылдын ноябрында ИМБДУнун консультантынын экинчи иш сапарынын жүрүшүндө улантылды.

В апреле 2012 года состоялась оценочная миссия ВОИС для изучения текущего положения дел в сфере автоматизации Кыргызпатента и планирование запуска программных продуктов IPAS и WIPOScan. По итогам визита миссии ВОИС 31 августа 2012 года подписано Соглашение о сотрудничестве между ВОИС и Кыргызпатентом в области развития услуг, предоставляемых ведомством. Работа в данном направлении продолжена в ходе второго визита консультанта ВОИС в ноябре 2012 года.

ИМБДУ менен кызматташуунун алкагында Бишкекте «Инновациялык өнүгүү үчүн интеллектуалдык менчиктин ролу: ИМ жаатындагы стратегияларды иштеп чыгуу» деген темада аймактык семинар жана Технологияларды жана инновацияларды колдоо борбору үчүн: «Инновациялык менеджмент жана бизнести өнүктүрүү үчүн технологияларга негизделген билим алуу» деген темада улуттук семинар өткөрүлдү.

В рамках сотрудничества с ВОИС в Бишкеке проведены Региональный семинар на тему: «Роль интеллектуальной собственности для инновационного развития: разработка стратегий в области ИС» и Национальный семинар для Центра поддержки технологий и инноваций: «Доступ к знаниям, основанным на технологиях для развития инновационного менеджмента и бизнеса».




М. Назарбеков ИМБДУнун мүчө-өлкөлөрүнүн Ассамблеясынын жыйынында, Женева ш.
*М. Назарбеков на заседании Ассамблеи стран-членов ВОИС, г. Женева*

ИМБДУнун саясатты аныктоочу жана чечим кабыл алуучу негизги органы болуп Башкы Ассамблея жана ИМБДунун Координациялык комитети эсептелинет. Кыргызпатенттин төрагасы жана Укук башкармалыгынын начальниги ИМБДУга мүчө-мамлекеттердин Ассамблеясынын жыйындарынын 50-сериясына катышышты. Жыйындар 2012-жылдын 1-9-октябрында Женевада ИМБДУнун штаб-квартирасында өттү. Ассамблеянын жыйындарынын жүрүшүндө кабыл алынган чечимдер ИМБДУнун мындан аркы өркүндөшүнө жана дүйнөдө интеллектуалдык менчиктин ролун бекемдөөгө багытталды.

Основными органами ВОИС, определяющими политику и принимающими решения, являются Генеральная Ассамблея и Координационный комитет ВОИС. Председатель Кыргызпатента и начальник Управления права приняли участие в 50-й серии заседаний Ассамблей стран-членов ВОИС. Заседания проводились 1-9 октября 2012 года в штаб-квартире ВОИС в Женеве. Решения, принятые в ходе заседаний Ассамблей, направлены на дальнейшее развитие и совершенствование ВОИС и укрепление роли интеллектуальной собственности в мире.

2012-жылдын 6-декабрында Кыргызпатенттин төрагасы менен ИМБДУнун Башкы директорунун жолугушуусу болуп өттү, анда 2013-жылга эки тараптуу кызматташуунун маселелери талкууланды. 2013-жылдын 12-14-июнунда Бишкекте Кыргыз Республикасында ИМ системасынын 20 жылдыгына арналган, салттуу билимдерди укуктук коргоо маселелери боюнча биргелешкен эл аралык семинарды өткөрүү жөнүндө келишимге келишти.

Кыргызпатент ИМБДУнун эл аралык иш-чараларына Кыргызпатенттин кызматкерлеринин катышуусун, ИМБДУнун Академиясында адистерди окутууну, ошондой эле «Интеллектуалдык менчиктин негиздери» деген курс боюнча аралыктан туруп окутууну кошкондо, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү кадрларды даярдоо маселелери боюнча ИМБДУ менен кызматташууну улантууда.

*Европа патенттик ведомствосу менен кызматташуу*

Европа патенттик ведомствосу менен кызматташуу жигердүү уланууда. 2012-жылы Кыргызпатенттин эксперттери «Европа патенттик өтүнмөсүн издөө жана эксперттөө» (Берлин) жана «Патент документтеринин стандарттары жана маалымат алмашуу үчүн жабдуулар» (Гаага) деген темалар боюнча ЕПВ менен кызматташуудан улам жана анын каржылык жардамы менен Европанын ИМ боюнча алдыңкы ведомстволорунда тренингдерге катыша алышты.

*ЕАПУ менен кызматташуу*

Кыргызпатенттин кызматкерлери «Евразия өтүнмөлөрүн эксперттөө жана евразия патенттерин берүү», «ЕАПУда колдонулуучу маалыматтык технологиялар» деген темалар боюнча ЕАПВда такшалмадан өтүштү. Евразия патенттик ведомствосу жыл сайын Россия интеллектуалдык менчик мамлекеттик академиясынын негизинде «Интеллектуалдык менчик. Патент таануу» багыттары боюнча ЕАПУга мүчө-мамлекеттердин патенттик ведомстволорунун адистерин кесипкөйлүк менен кайта даярдоо боюнча окуу топторун түзөт. 2012-жылы бул топто (мурдагы жылдардагыдай эле) Кыргызпатенттин адиси окуп келди.

6 декабря 2012 года состоялась встреча председателя Кыргызпатента с Генеральным директором ВОИС, на которой обсуждались вопросы двустороннего сотрудничества на 2013 год. Была достигнута договоренность о проведении совместного международного семинара по вопросам правовой охраны традиционных знаний 12-14 июня 2013 года в Бишкеке, приуроченного к 20-летию системы ИС в Кыргызской Республике.

Кыргызпатент продолжил сотрудничество с ВОИС по вопросам подготовки кадров в сфере интеллектуальной собственности, включающее участие сотрудников Кыргызпатента в международных мероприятиях ВОИС, обучение специалистов по линии Академии ВОИС, а также дистанционное обучение по курсу: «Основы интеллектуальной собственности».

*Сотрудничество с Европейским патентным ведомством*

Активизировалось сотрудничество с Европейским патентным ведомством. В 2012 году эксперты Кыргызпатента имели возможность пройти тренинги в ведущих европейских ведомствах по ИС, благодаря сотрудничеству с ЕПВ и при его финансовой поддержке по следующим темам: «Поиск и экспертиза Европейской патентной заявки» (Берлин) и «Стандарты патентной документации и инструменты для обмена данными» (Гаага).

*Сотрудничество с ЕАПО*

Сотрудники Кыргызпатента имели возможность пройти стажировки в ЕАПВ по темам: «Экспертиза евразийских заявок и выдача евразийских патентов», «Информационные технологии, применяемые в ЕАПВ». Евразийское патентное ведомство ежегодно формирует учебную группу по профессиональной переподготовке специалистов патентных ведомств государств-членов ЕАПО по направлению «Интеллектуальная собственность. Патентоведение» на базе Российской государственной академии интеллектуальной собственности. В этой группе в 2012 году (как и в предыдущие годы) прошел обучение специалист Кыргызпатента.

*БУУнун Европа экономикалык комиссиясы менен кызматташуу*

2012-жылы Кыргызпатенттин БУУнун Европа экономикалык комиссиясы (БУУ ЕЭК) менен кызматташуусу улантылды. БУУ ЕЭК-тин финансылык колдоосу менен Кыргызпатенттин өкүлдөрү Женевада Интеллектуалдык менчик боюнча адистердин тобунун алтынчы сессиясына, Израилде ИМдин маанилүү экономикалык аспектилери боюнча эл аралык семинарына, ошондой эле Женевада Экономикалык кызматташуу жана алакалашуу боюнча өкмөттөр аралык комитеттин жылдык сессиясына катышышты. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында 2013-жылдын июнунда Бишкекте салттуу билимдерди укуктук коргоо маселелери боюнча мамлекеттер аралык семинарды биргелешип өткөрүү жөнүндө макулдашууга келишти.

*Сотрудничество с Европейской экономической комиссией ООН*

В 2012 году продолжалось сотрудничество с Европейской экономической комиссией ООН (ЕЭК ООН). При финансовой поддержке ЕЭК ООН представители Кыргызпатента участвовали в шестой сессии Группы специалистов по интеллектуальной собственности в Женеве, международном семинаре по важнейшим экономическим аспектам ИС в Израиле, а также в годовой сессии Межправительственного комитета по экономическому сотрудничеству и интеграции в Женеве. В результате переговоров была достигнута договоренность о проведении совместного межгосударственного семинара по вопросам правовой охраны традиционных знаний в июне 2013 года в Бишкеке.

*CISAC менен кызматташуу (Авторлор жана композиторлор коомдорунун конфедерациясы)*

Кыргызпатент CISAC менен үзгүлтүксүз бирге иштешип турат. Кызматташуунун алкагында 2012-жылы Кыргызпатенттин адистери төмөнкү иш-чараларга катышышты:

- документтерди тариздөө ыкмалары жана CoSIS программалык камсыздоосун бөлүштүрүү боюнча семинар (Цюрих);
- «Эл алдында аткаруу жаатындагы алдыңкы тажрыйбалар» деген темада CISACтын семинары (Будапешт).

*Сотрудничество с CISAC (Конфедерация обществ авторов и композиторов)*

Кыргызпатент осуществляет постоянное взаимодействие с CISAC. В рамках сотрудничества в 2012 году специалисты Кыргызпатента приняли участие в следующих мероприятиях:

- семинар по методам документирования и распределения программного обеспечения CoSIS (Цюрих);
- семинар CISAC на тему: «Передовой опыт в области публичных исполнений» (Будапешт).

*АКШнын Соода министрлигинин Коммерциялык маселелери боюнча департаменти менен кызматташуу*

2012-жылдын 1-февралынан тартып Кыргызпатенттин жетекчилигинин АКШнын Соода министрлигинин Коммерциялык маселелер боюнча департаментинин өкүлдөрүнүн жолугушуусу болуп өттү, анда АКШнын Соода министрлиги менен Кыргызпатенттин эки тараптуу кызматташуусунун маселелери талкууланды.

*Сотрудничество с Департаментом по коммерческим вопросам Министерства торговли США*

1 февраля 2012 года состоялась встреча руководства Кыргызпатента с делегацией Департамента по коммерческим вопросам Министерства торговли США, на которой обсуждались вопросы двустороннего сотрудничества между Министерством торговли США и Кыргызпатентом.

Мурда өткөрүлгөн жолугушуулардын натыйжасында 2012-жылдын октябрында Бишкекте «ИМ укуктарын коргоо боюнча бажы чаралары» деген аймактык семинарды бирге өткөрүштү. 2013-жылдын 18-19-апрелинде Бишкекте Интеллектуалдык менчик жаатындагы талаш-тартыштарды карап чыгуу боюнча соттор үчүн аймактык семинарды бирге өткөрүүнү макулдашышты.

*Ведомстволор аралык кызматташуу*

2012-жылдын февралында Кыргызпатенттин өкүлдөрү Кытай Эл Республикасынын интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик ведомствосуна иш сапары менен барышты, анын жүрүшүндө 2012-жылга Кыргызпатент менен КЭРдин ИМ боюнча Мамлекеттик ведомствосунун (SIPO) ортосундагы кызматташуу боюнча ведомстволор аралык планга кол коюлду. Кыргызпатенттин эксперттери интеллектуалдык менчик маселелери боюнча семинарга катышышты жана кытайлык кесиптештеринин тажрыйбалары менен таанышышты.

Итогом ранее проведенной встречи стала организация совместного Регионального семинара «Таможенные меры по защите прав ИС» в октябре 2012 года в Бишкеке. Достигнута договоренность о проведении 18-19 апреля 2013 года в Бишкеке совместного Регионального семинара для судей по рассмотрению споров в области интеллектуальной собственности.

*Межведомственное сотрудничество*

В феврале 2012 года состоялся визит делегации Кыргызпатента в Государственное ведомство по интеллектуальной собственности Китайской Народной Республики, в ходе которого был подписан межведомственный План по сотрудничеству между Кыргызпатентом и Государственным ведомством по ИС КНР (SIPO) на 2012 год. Эксперты Кыргызпатента приняли участие в семинаре по вопросам интеллектуальной собственности и получили возможность ознакомиться с опытом работы китайских коллег.



SIPOнун жетекчисинин орун басары Ли Югуянг мырзанын келиши
*Визит г-на Ли Югуянг, заместителя руководителя SIPO*

2012-жылдын 29-мартында Бишкекте Кыргызпатент менен Польша Республикасынын Патент ведомствосунун ортосундагы кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду, анын максаты болуп тараптардын ченемдик документтери менен алмашуу аркылуу өнөр жай менчигин коргоо жаатында кызматташуу эсептелинет.

29 марта 2012 года в Бишкеке подписано Соглашение о сотрудничестве между Кыргызпатентом и Патентным ведомством Республики Польша, целью которого является сотрудничество в области охраны промышленной собственности между сторонами путем обмена нормативными документами.



Кыргыз Республикасындагы Польшанын элчиси Я. Ключковский мырзанын келиши
*Визит г-на Я. Ключковского, посла Польши в Кыргызской Республике*

2012-жылдын 5-7-июнунда Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо маселелери боюнча мамлекеттер аралык кеңештин (мындан ары – Кеңеш) биринчи жыйыны жана ЕврАЗЭКтин Интеграциялык комитетинин Интеллектуалдык менчик маселелери боюнча кеңештин жетинчи жыйыны өткөрүлдү. Кеңештин жыйынынын ишине Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Молдова Республикасынын, Россия Федерациясынын, Тажикстан жана Украинанын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катышышты. Кеңештин ишинин жыйынтыгы боюнча Кеңештин регламенти жана Өнөр жай менчигинин, автордук укук жана чектеш укуктар жана интеллектуалдык менчик жаатындагы укук бузууларга каршы аракеттенүү маселелери боюнча Кеңештин жумушчу комиссиялары жөнүндө жоболор бекитилди.

5-7 июня 2012 года проведено первое заседание Межгосударственного совета по вопросам правовой охраны и защиты интеллектуальной собственности (далее – Совет) и седьмое заседание Совета по вопросам интеллектуальной собственности при Интеграционном Комитете ЕврАзЭС. В работе заседания Совета приняли участие полномочные представители Республики Армения, Республики Беларусь, Республики Казахстан, Кыргызской Республики, Республики Молдова, Российской Федерации, Республики Таджикистан и Украины. По итогам работы Совета утверждены Регламент Совета и Положения о рабочих комиссиях Совета по вопросам промышленной собственности, авторского права и смежных прав и противодействия правонарушениям в сфере интеллектуальной собственности.





ИМ МАКтын 1-жыйыны, ЕврАзЭКтин Интеграциялык Комитетинин алдындагы ИМ боюнча Кеңештин 7-жыйыны (Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл, 2012-жылдын 5-7-июну)
*1-ое заседание МГС ИС, 7-ое заседание Совета по ИС при Интеграционном Комитете ЕврАзЭС (Кыргызская Республика, Иссык-Куль, 5-7 июня 2012 года)*

2012-жылдын 24-июлунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент) менен «Жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана коммерциялаштыруу борборун Өнүктүрүү фондусу» Коммерциялык эмес уюмунун («Сколково» фонду) ортосунда кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду. Аталган макулдашуу инновациялык процессти, инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын өнүктүрүү, улуттук инновациялык системаны өнүктүрүүнү өбөлгөлөө, инновациялык инфраструктураны өнүктүрүү жана кооперациялоо үчүн ылайыктуу шарттарды түзүүгө багытталган.

Кыргызпатент менен АКШнын Патенттер жана товардык белгилер боюнча ведомствосунун ортосундагы кызматташуу жөнүндө меморандум кол коюуга даярдалууда.

Интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында ведомстволор аралык кызматташууну мындан ары өнүктүрүү максатында төмөнкүдөй документтер даярдалды:

- Кыргызпатент менен Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын ортосунда инновациялык ишмердүүлүк жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуу;

- Кыргызпатент менен «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин ортосунда инновациялык ишмердүүлүк жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашуу.

2012-жылдын майында Астана экономикалык форумунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы менен Казакстан Республикасынын «Технологиялык өнүктүрүү боюнча улуттук агенттик» акционердик коомунун ортосундагы кызматташууга кол коюлду.

2020-жылга чейинки мезгилде КМШнын катышуучу-мамлекеттеринин инновациялык кызматташуусунун мамлекеттер аралык программасынын алкагында «КМШ өлкөлөрүнүн инновациялык долбоорлорунун каталогу» деген атайын басылмасында жарыялоо үчүн Беларусь Республикасына 20 эң актуалдуу инновациялык долбоор жөнүндө маалымат даярдалды жана жөнөтүлдү.

24 июля 2012 года состоялось подписание Соглашения о сотрудничестве между Государственной службой интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент) и Некоммерческой организацией «Фонд развития Центра разработки и коммерциализации новых технологий» (Фонд «Сколково»). Указанное соглашение направлено на формирование благоприятных условий для инновационного процесса, развитию инфраструктуры инновационной деятельности, стимулированию развития национальных инновационных систем, развитию и кооперации инновационной инфраструктуры.

Готовится к подписанию Меморандум о сотрудничестве между Кыргызпатентом и Ведомством по патентам и товарным знакам США.

В целях дальнейшего развития межведомственного сотрудничества в сфере интеллектуальной собственности и инноваций подготовлены следующие документы:

- Соглашение о сотрудничестве в области инновационной деятельности между Кыргызпатентом и Национальной академией наук Кыргызской Республики;

- Соглашение о сотрудничестве в области инновационной деятельности между Кыргызпатентом и Кыргызско-Турецким университетом «Манас».

Достигнута договоренность о подписании Соглашения о сотрудничестве между Государственной службой интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики и Акционерным обществом «Национальное агентство по технологическому развитию» Республики Казахстан в рамках Астанинского экономического форума в мае 2012 года.

В рамках Межгосударственной программы инновационного сотрудничества государств-участников СНГ на период до 2020 года подготовлена и отправлена информация о 20 наиболее актуальных инновационных проектах в Республику Беларусь для публикации в специальном издании «Каталог инновационных проектов стран СНГ».

## III. Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук база

2012-жылы интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү максатында Кыргызпатент тарабынан бир катар ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты жана тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынды, алар негизинен:

- 2012-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-июнундагы № 371 токтому менен жактырылган "Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынды. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин жоболорун интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан;

- 2012-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-майындагы № 281 токтому менен жактырылган "Кыргыз Республикасынын "Патент мыйзамына" өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынды. Бул мыйзам долбоору патент ээлерине укук берүүнүн кошумча жол-жоболорун караштырат. Ошентип, күрөө укугу киргизилди, патентти калыбына келтирүү караштырылган, пайдалангандан кийинки укук дагы каралган. Ошондой эле өзгөртүүлөр улуттук мыйзамдарды чет өлкөлүк укуктардын ченемдери жана эл аралык келишимдердин жоболору менен шайкеш келтирүү максатында киргизилүүдө;

- Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды бузгандыгы үчүн административдик жаза айыптын өлчөмүн көбөйтүүнү караштырган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 13-июлундагы № 2490 токтому менен жактырылган "Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Патент

## III. Нормативная правовая база в области интеллектуальной собственности

В целях совершенствования нормативной правовой базы в области интеллектуальной собственности в 2012 году Кыргызпатентом разработан и в последующем принят соответствующими государственными органами ряд нормативных правовых актов, в частности:

- 27 декабря 2012 года Жогорку Кенешем Кыргызской Республики в третьем чтении принят проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Гражданский кодекс Кыргызской Республики», одобренный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 2 июня 2012 года № 371. Законопроект разработан в целях приведения положений Гражданского кодекса Кыргызской Республики в соответствие с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности, а также вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами и соглашениями в области интеллектуальной собственности, участницей которых является Кыргызская Республика;

- 13 декабря 2012 года Жогорку Кенешем Кыргызской Республики в третьем чтении принят проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «Патентный закон», одобренный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 14 мая 2012 года № 281. Данный законопроект предусматривает дополнительные процедуры предоставления прав владельцам патентов. Так, вводится право залога, предусматривается восстановление патента, рассматривается право послепользования. Также изменения введены в целях гармонизации национального законодательства с нормами зарубежного права и положениями международных договоров;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности», одобренный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 13 июля 2012 года № 490, предусматривающий увеличение размера административных штрафов за нарушение прав на объекты интеллектуальной собственности, 27 ноября 2012 года внесен на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики;

мыйзамына” өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору 2012-жылдын 27-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна коюлду;

- Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” колдонулуп жаткан Мыйзамын Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан, “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-ноябрындагы № 776 токтому менен жактырылды;

- интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү максатында иштелип чыккан “Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 11-декабрындагы № 819 токтому менен жактырылды;

- интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү максатында иштелип чыккан “Фирмалык аталыштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 11-декабрындагы № 819 токтому менен жактырылды;

- аудиовизуалдык чыгармаларды, фонограммаларды, электрондук эсептөөчү машиналардын программаларын, маалыматтар базаларын чекене сатууну тартипке салууга тиешелүү болгон “Кыргыз Республикасынын аймагында соода жүргүзүү эрежелеринин жыйнагын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-мартындагы № 633 токтому менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди. Документ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 593 токтому менен бекитилген 2012-2016-жылдарда Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О конкуренции», разработанный в целях приведения действующего Закона Кыргызской Республики «О конкуренции» в соответствие с Гражданским кодексом Кыргызской Республики, а также действующим законодательством Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности, одобрен постановлением Правительства Кыргызской Республики от 16 ноября 2012 года № 776;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождения товаров», разработанный в целях совершенствования законодательства в области интеллектуальной собственности, одобрен постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 декабря 2012 года № 819;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О фирменных наименованиях», разработанный в целях совершенствования законодательства в области интеллектуальной собственности, одобрен постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 декабря 2012 года № 819;

- постановлением Правительства Кыргызской Республики от 25 сентября 2012 года № 633 внесены изменения и дополнения в постановление Правительства Кыргызской Республики от 2 марта 2010 года № 118 «Об утверждении Свода правил торговли на территории Кыргызской Республики», касающихся упорядочения розничной торговли аудиовизуальной продукцией, фонограммами, программами для электронных вычислительных машин и базами данных. Документ был разработан в рамках реализациии пункта 31 Плана мероприятий по реализации задач Национальной стратегии;

- постановлением Правительства Кыргызской Республики от 25 мая 2012 года № 318 внесены изменения в постановление Правительства Кыргызской Республики от 23 февраля 2004 года № 93 «О Межведомственной комиссии по противодействию нарушениям в области интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики». Данным нормативным правовым актом утвержден новый состав Межведомственной комис-

жана инновацияларды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиянын милдеттерин ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын 31-пунктун ишке ашыруунун алкагында иштелип чыкты;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-февралындагы № 93 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жаатында тартип бузууларга каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө" токтомуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-майындагы № 318 токтому менен өзгөртүүлөр киргизилди. Бул ченемдик укуктук акт менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жаатында тартип бузууларга каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын жаңы курамы бекитилди;

- "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында Элге жарыяланбаган чыгармалардын кол жазмаларын өткөрүүнүн, кабыл алуунун жана сактоонун тартиби иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-майындагы № 280 токтому менен бекитилди;

- 2010-жылдын 19-ноябрында Санкт-Петербург шаарында кол коюлган, Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 17-мартындагы № 17 Мыйзамы менен ратификацияланган Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо жаатында кызматташуу жана Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо маселелери боюнча мамлекеттер аралык кеңешти түзүү жөнүндө макулдашуунун 5-беренесин аткаруу үчүн бул макулдашууну ишке ашырууга жоопту болгон интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу (компетенттүү) органдар аныкталган (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 1-августундагы №526 токтому менен бекитилди);

- "Манас эпосу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен биргеликте Товардык белгилерде, тейлөө белгилеринде, юридикалык жактардын аталыштарында "Манас" терминин жана анын негизинде келип чыккан сөздөрдү жана сөз айкаштарын пайдалануунун тартиби иштелип чыкты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы № 634 токтому менен бекитилди);

сии по противодействию нарушениям в области интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики;

- в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 12 января 2012 года № 12 «Об органах государственного управления при Правительстве Кыргызской Республики и других организациях в ведении Правительства Кыргызской Республики», Государственная служба интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики была преобразована в Государственную службу интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики, с наделением ее функциями в области инноваций на основе постановления Правительства Кыргызской Республики от 20 февраля 2012 года № 131 «Вопросы Государственной службы интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики»;

- в целях реализации Закона Кыргызской Республики «Об авторском праве и смежных правах» разработан Порядок сдачи, принятия и хранения рукописей необнародованных произведений и утвержден постановлением Правительства Кыргызской Республики от 14 мая 2012 года № 280;

- во исполнение статьи 5 Соглашения о сотрудничестве в области правовой охраны и защиты интеллектуальной собственности и создании Межгосударственного совета по вопросам правовой охраны и защиты интеллектуальной собственности, подписанного 19 ноября 2010 года в Санкт-Петербурге, ратифицированного Законом Кыргызской Республики от 17 марта 2012 года №17, определены уполномоченные (компетентные) органы в сфере интеллектуальной собственности, ответственные за реализацию данного Соглашения (утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 1 августа 2012 года № 526);

- в целях реализации части 2 статьи 5 Закона Кыргызской Республики «Об эпосе Манас» совместно с Министерством юстиции Кыргызской Республики был разработан Порядок использования в товарных знаках, знаках обслуживания, наименованиях юридических лиц термина «Манас» и образованных на его основе слов и словосочетаний (утвержден постановлением Правительства Кыргызской Республики от 25 сентября 2012 года № 634);

- “Инновациялык ишмердүүлүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин ишке ашыруу жана экономиканы модернизациялоо үчүн илимий-техникалык, инновациялык мүмкүнчүлүктү натыйжалуу пайдалануу максатында “Кыргыз Республикасында инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү боюнча иш-чаралар жөнүндө” токтом долбоору иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Инноватика боюнча мамлекеттик кеңеш түзүлгөн (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилди).

*Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратында:*

- “Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин долбоору макулдашууда.

*Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун макулдашуусунда:*

- интеллектуалдык менчиктин укуктук коргоо системасын өркүндөтүү, интеллектуалдык менчик жаатында коомго маалымат берүүнү жогорулатуу жана маалымат алмашуу аркылуу кесипкөйлүк ыкмаларын өнүктүрүү, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатындагы мүмкүнчүлүктөрдү арттыруу максатында иштелип чыккан “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы менен АКШнын патенттер жана товардык белгилер боюнча ведомствосунун ортосунда эки тараптуу кызматташуу жөнүндө меморандумдун долбоорун жактыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун долбоору;

- “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен биргеликте Бажы органынын реестрине киргизилбеген Интеллектуалдык менчик объектилерин камтыган (ex-officio) товарлардын чыгарылышын токтотуу жөнүндө нускаманын долбоору иштелип чыкты. Жакынкы убакта бул долбоор Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун макулдашуусуна жөнөтүлөт.

- в целях реализации статьи 12 Закона Кыргызской Республики «Об инновационной деятельности» и эффективного использования научно-технического, инновационного потенциала для модернизации экономики был разработан проект постановления «О мерах по развитию инновационной деятельности в Кыргызской Республике», которым был образован Государственный совет по инноватике при Правительстве Кыргызской Республики (утвержден постановлением Правительства Кыргызской Республики от 22 ноября 2012 года № 790).

*В настоящее время находится на согласовании в Аппарате Президента Кыргызской Республики:*

- проект Указа Президента Кыргызской Республики «О признании утратившими силу некоторых решений Президента Кыргызской Республики».

*В настоящее время находятся на согласовании в министерствах и ведомствах Кыргызской Республики:*

- проект распоряжения Правительства Кыргызской Республики «Об одобрении проекта Меморандума о двустороннем сотрудничестве между Государственной службой интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики и Ведомством США по патентам и товарным знакам», разработанный в целях совершенствования системы правовой охраны интеллектуальной собственности, повышения общественной осведомленности в сфере интеллектуальной собственности и развития профессиональных навыков путем обмена информацией, а также развития потенциала в области интеллектуальной собственности;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «Об авторском праве и смежных правах».

Также совместно с Государственной таможенной службой при Правительстве Кыргызской Республики разработан проект Инструкции о приостановлении выпуска товаров, содержащих объекты интеллектуальной собственности (ex-officio), не внесенных в Реестр таможенного органа. В ближайшее время указанный проект будет направлен на согласование в министерства и ведомства Кыргызской Республики.

*Иштеп чыгуу баскычында:*

- "Инновациялык борборлор (аймактар) жана технопарктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- "Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- "Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- "Кыргыз Республикасында 2012-2016-жылдарга интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 593 токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоору;

- 2002-жылдын 22-июлундагы № 488 "Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна жана Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоору.

*На стадии разработки находятся:*

- проект Закона Кыргызской Республики «Об инновационных центрах (зонах) и технопарках»;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики»;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О правовой охране селекционных достижений»;

- проект Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О патентных поверенных»;

- проект постановления Правительства Кыргызской Республики «О внесении дополнений в постановление Правительства Кыргызской Республики «О Национальной стратегии развития интеллектуальной собственности и инноваций в Кыргызской Республике на 2012-2016 годы» от 23 сентября 2011 года № 593»;

- проект постановления Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в постановление Правительства Кыргызской Республики «О минимальных ставках авторского вознаграждения за использование объектов авторского права и смежных прав» от 22 июля 2002 года № 488 и в Положение о минимальных ставках авторского вознаграждения за использование объектов авторского права и смежных прав».

## IV. Интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо

### Өнөр жай менчик объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди эксперттөө жана каттоо

#### 1. Ойлоп табуулар

2012-жылы ойлоп табууга патент алуу үчүн 111 өтүнмө Кыргызпатентке келип түшкөн. Аталган жылы 2011-жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн келип түшүүсү 8,6 % азайган. Чүй, Жалал-Абад жана Ош облустарынан өтүнмөлөрдүн келип түшүүсү көбөйдү. Улуттук өтүнмөлөрдүн жарымынан көбү жеке жактардан келип түшөт, бул отчеттук мезгилдеги өтүнмөлөрдүн жалпы санынын 63,9 %ын түзөт. 2012-жылы ири ишканалардан 2 өтүнмө келип түштү. Чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен 1 өтүнмө Кытайдан берилди.

## IV. Охрана объектов интеллектуальной собственности

### Экспертиза и регистрация объектов промышленной собственности и селекционных достижений

#### 1. Изобретения

В 2012 году в Кыргызпатент поступило 111 заявок на выдачу патентов на изобретение. Поступление заявок уменьшилось на 8,6 % по сравнению с 2011 годом. Возросло количество заявок из Чуйской, Джалал-Абадкой и Ошской областей. Более половины национальных заявок поступает от физических лиц, что составляет 63,9 % от общего количества заявок за соответствующий период. В 2012 году от крупных предприятий поступило 2 заявки. От иностранных заявителей поступила 1 заявка из Китая.

**Ойлоп табууларга патент берүүгө келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок на выдачу патентов на изобретения (2008-2012 годы)***

**1.1-таблица**
***Таблица 1.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** *Наименование показателя* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 138 | 149 | 140 | 129 | 111 |
| Улуттук өтүнмөлөр *Национальные заявки* | 135 | 146 | 134 | 124 | 110 |
| Чет өлкөлүк өтүнмөлөр *Иностранные заявки* | 3 | 3 | 6 | 5 | 1 |

2012-жылы ойлоп табууларга патент берүүгө өтүнмөлөр боюнча 133 чечим чыгарылды. Ойлоп табууларга өтүнмөлөр боюнча чыгарылган оң чечимдер чыгарылган чечимдердин жалпы санынын 70,7 %ын түздү.

Көрсөтүлгөн мөөнөттө алуучу ведомство катары, Кыргызпатент аркылуу PCT жол-жобосу боюнча 1 өтүнмө келип түштү. Евразия макулдашуусунун жол-жобосу боюнча 1 өтүнмө келип түштү.

Ойлоп табууларга өтүнмөлөрдүн эң көп саны "A: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу", "F: Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруучу иштер", "E: Курулуш; тоо-кен иштери", "C: Химия, металлургия" бөлүмдөрүнө тиешелүү экенин өтүнмөлөрдү Эл аралык патенттик классификация боюнча бөлүштүрүү көрсөттү. Алардан кийин «B: Ар түрдүү технологиялык процесстер» жана «G: Физика» турат.

В 2012 году вынесено 133 решения по заявкам на выдачу патентов на изобретения. Положительные решения по заявкам на изобретения составляют 70,7 % от общего количества вынесенных решений.

В указанный период через Кыргызпатент, как получающее ведомство, по процедуре PCT поступила 1 заявка. По процедуре Евразийского соглашения поступила 1 заявка.

Распределение заявок по Международной патентной классификации (МПК) показывает, что наибольшее количество заявок на изобретения относятся к разделам: "A: Удовлетворение жизненных потребностей человека", "F: Механика; освещение; отопление; двигатели и насосы; оружие и боеприпасы; взрывные работы", "E: Строительство; горное дело", "C: Химия; металлургия". Далее следуют "B: Различные технологические процессы" и "G: Физика".

**Эл аралык патенттик классификацияга ылайык 2008-2011-жж. өтүнмөлөрдүн санынын өз ара катышы (2010-2012-жылдар)**
***Соотношение количества заявок согласно Международной патентной классификации (2010-2012 годы)***

**1.1-диаграмма**
***Диаграмма 1.1***



**"A" – Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу**
*Удовлетворение жизненных потребностей человека*
**"B" – Ар түрдүү технологиялык процесстер**
*Разные технологические процессы*
**"C" – Химия; металлургия**
**"D" – Текстиль; кагаз**
*Текстиль; бумага*
**"E" – Курулуш; тоо-кен иштери**
*Строительство, горное дело*
**"F" – Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруу иштери**
*Механика; освещение; отопление; двигатели и насосы; оружие и боеприпасы; взрывные работы*
**"G" - Физика**
**"H" – Электр кубаты**
*Электричество*

2012-жылы Мамлекеттик реестрге 103 ойлоп табуу киргизилген, анын ичинен патенттер – 3, өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 100. 2012-жылдын 31-декабрына карата катталган ойлоп табуулардын саны 1901 түзөт, анын ичинен патенттер – 381, өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 1520.

Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу ойлоп табуулардын бардык саны 3003 түзөт, анын ичинен улуттук жол-жобо боюнча – 341, өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 288, евразия патенттери – 2662.

В 2012 году в Государственный реестр внесено 103 изобретения, из них патентов – 3, патентов под ответственность заявителя – 100. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных изобретений составляет 1901, из них 381 патент, 1520 патентов под ответственность заявителя.

Всего охраняемых изобретений на территории Кыргызской Республики – 3003, в т. ч. по национальной процедуре – 341, из них патентов под ответственность заявителя – 288, патентов – 53, евразийских патентов – 2662.

## 2. Пайдалуу моделдер

2012-жылы Кыргызпатентке пайдалуу моделге патент алууга 17 өтүнмө келип түшкөн. Пайдалуу моделдер боюнча өтүнмөлөрдүн негизги саны жеке жактардан келип түшөт, бул тиешелүү мезгил үчүн берилген өтүнмөлөрдүн жалпы санынын 76,4 %ын түздү.

2012-жылдын ичинде эксперттер тарабынан 18 чечим чыгарылды, алардын ичинен оң чечими – 15, кайра сурап алынганы – 3.

## 2. Полезные модели

В 2012 году в Кыргызпатент было подано 17 заявок на выдачу патентов на полезные модели. По полезным моделям основное количество заявок поступает от физических лиц, что составляет 76,4 % от общего количества заявок за соответствующий период.

В течение 2012 года экспертизой вынесено 18 решений, из них положительных – 15, отозванных – 3.

**Пайдалуу моделдерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы**
**(2008-2012-жылдар)**
***Динамика поступления заявок на регистрацию полезных моделей***
***(2008-2012 годы)***

**2.1-таблица**
***Таблица 2.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** ***Наименование показателя*** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 7 | 12 | 16 | 10 | 17 |
| Улуттук өтүнмөлөр *Национальные заявки* | 6 | 10 | 12 | 10 | 17 |
| Чет өлкөлүк өтүнмөлөр *Иностранные заявки* | 1 | 2 | 4 | - | - |

Эл аралык патенттик классификациялоо (ЭПК) боюнча пайдалуу моделге өтүнмөлөрдүн эң көп саны өтүнмө ээлери тарабынан «А: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу», «Е: Курулуш; тоо-кен иштери», «В: Ар түрдүү технологиялык процесстер», «Н: Электр кубаты», «F: Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруу иштери» бөлүмдөрү боюнча келип түшкөн, ал эми башка бөлүмдөр боюнча өтүнмөлөр келип түшкөн жок.

По международной патентной классификации (МПК) наибольшее количество заявок на полезные модели подано заявителями по разделам «А: Удовлетворение жизненных потребностей человека», «Е: Строительство; горное дело», «В: Различные технологические процессы», «Н: Электричество», «F: Механика; освещение; отопление; двигатели и насосы; оружие», а по остальным разделам заявок не поступало.

**Эл аралык патенттик классификацияга ылайык өтүнмөлөрдүн санынын өз ара катышы (2010-2012-жылдар)**
***Соотношение количества заявок согласно Международной патентной классификации (2010-2012 годы)***

**2.1-диаграмма**
***Диаграмма 2.1***




**"A" – Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу**
*Удовлетворение жизненных потребностей человека*
**"B" – Ар түрдүү технологиялык процесстер**
*Разные технологические процессы*
**"C" – Химия; металлургия**
**"D" – Кездеме; кагаз**
*Текстиль; бумага*
**"E" – Курулуш; тоо-кен иштери**
*Строительство, горное дело*
**"F" – Механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соркыскычтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруу иштери**
*Механика; освещение; отопление; двигатели и насосы; оружие и боеприпасы; взрывные работы*
**"G" - Физика**
**"H" – Электр кубаты**
*Электричество*

2012-жылы Мамлекеттик реестрге 14 пайдалуу модель катталган. 2012-жылдын 31-декабрына карата катталган пайдалуу моделдердин саны 151 түздү.

Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу пайдалуу моделдердин саны - 44.

В 2012 году в Государственном реестре зарегистрировано 14 полезных моделей. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных полезных моделей составляет 151.

Количество охраняемых на территории Кыргызской Республики полезных моделей – 44.

## 3. Өнөр жай үлгүлөрү

2012-жылы өнөр жай үлгүлөрүнө патент алууга 36 өтүнмө келип түшкөн, алардын ичинен улуттук өтүнмө ээлеринен – 17, чет элдик өтүнмө ээлеринен – 19. Өткөн жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн саны 14,4 % көбөйгөн. 2012-жылдын ичинде жеке адамдардан – 16 өтүнмө, юридикалык жактардан 20 өтүнмө келип түшкөн. Өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патентти берүү жөнүндө 11 чечим чыгарылды, 4 өтүнмө кайра сурап алынды. Чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип түшкөн өтүнмөлөрдүн саны: Россиядан – 12, Финляндиядан – 5, Кытайдан – 1, Кореядан – 1.

## 3. Промышленные образцы

В 2012 году поступило 36 заявок на выдачу патентов на промышленные образцы, из них от национальных заявителей – 17, от иностранных заявителей – 19. По сравнению с предыдущим годом, количество заявок увеличилось на 14,4 %. В течение 2012 года от физических лиц поступило 16 заявок, от юридических лиц – 20. Вынесено 11 решений о выдаче патента под ответственность заявителя, 4 заявки отозваны. Количество заявок от иностранных заявителей: Россия – 12, Финляндия – 5, Китай – 1, Корея – 1.

**Өнөр жай үлгүлөрүн каттоого өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы жөнүндө маалыматтар (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок на регистрацию промышленных образцов (2008-2012 годы)***

**3.1-таблица**
***Таблица 3.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** ***Наименование показателя*** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 22 | 19 | 16 | 25 | 36 |
| Улуттук өтүнмөлөр *Национальные заявки* | 8 | 13 | 13 | 20 | 17 |
| Чет өлкөлүк өтүнмөлөр *Иностранные заявки* | 14 | 6 | 3 | 5 | 19 |

Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык классификациясына (ӨЖҮЭК) ылайык, өтүнмөлөрдүн эң көп саны 25.01 классчасы (Курулуш материалдары) боюнча келип түшкөн. Ошондой эле өтүнмөлөр 19-06 (Каттын материалдары жана ага керектелүүчүлөр…), 06-01 (Отургучтар, олпок отургучтар жана отуруу үчүн ушу сыяктуу эмеректер), 07-01 (Фарфор жана айнек буюмдар, идиштер ж. у. с.), 09-01 (Шишелер, флакондор, банкалар, чоң шишелер...) жана 23-03 (Жылытуу жана ысытуу үчүн жабдуу) классчалары боюнча келип түшкөн.

Согласно Международной классификации промышленных образцов **(**МКПО**)**, наибольшее количество заявок поступило по подклассам 25.01 (Строительные материалы). Также поступили заявки по подклассам 19-06 (Материалы и принадлежности письма,…), 06-01 (Стулья, кресла и подобная мебель для сидения), 07-01 (Фарфоровые и стеклянные изделия, посуда и т. п.), 09-01 (Бутылки, флаконы, банки, бутыли,..) и 23-03 (Оборудование для отопления и нагрева).

**ӨЖҮЭКга ылайык өтүнмөлөрдүн санынын өз ара катышы (2010-2012-жылдар)**
***Соотношение количества заявок согласно МКПО (2010-2012 годы)***

**3.1-диаграмма**
***Диаграмма 3.1***



**01-03 – Эжигейлер, сары май**
*Сыры, сливочное масло*
**06-01 – Отургучтар, олпок отургучтар**
*Стулья, кресла*
**06-03 – Эмерек буюмдары**
*Предметы меблировки*
**07-01 – Фарфор жана айнек буюмдар, идиштер**
*Фарфоровые и стеклянные изделия, посуда*
**07-06 –Ашканага керектүү башка буюмдар**
*Прочая столовая утварь*
**09-01 – Шишелер, флакондор, банкалар**
*Бутылки, флаконы, банки*
**09-02 –Темир идиштер, бидондор**
*Металлическая тара, бидоны*
**09-03 – Кутулар, ящиктер**
*Коробки, ящики*
**09-05 – Мүшөктөр, баштыктар**
*Мешки, сумки*
**09-07 – Жабуу үчүн куралдар**
*Приспособления для закрывания*
**12-09 – Сүйрөткүчтөр, тракторлор**
*Тягачи, тракторы*
**12-08 – Жеңил жана жүк ташуучу автоунаалар**
*Легковые и грузовые автомобили*
**14-02 –Маалыматтарды иштетүү үчүн жабдуу**
*Оборудование для обработки данных*
**19-06 – Каттын материалдары жана ага керектелүүчүлөр**
*Материалы и принадлежности письма*
**19-08 – Басма продукциясынын башка түрлөрү**
*Прочие виды печатной продукции*
**23-01 – Суюктуктарды жана газдарды бөлүштүрүү үчүн жабдуу**
*Оборудование для распределения жидкостей и газов*
**23-03 – Жылытуу жана ысытуу үчүн жабдуу**
*Оборудование для отопления и нагрева*
**23-05 – Катуу отун**
*Твердое топливо*
**25-01 – Курулуш материалдары**
*Строительные материалы*
**25-03 – Үйлөр, гараждар жана башка курулуштар**
*Дома, гаражи и прочие сооружения*

2012-жылы Мамлекеттик реестрге 11 өнөр жай үлгүсү киргизилди, анын ичинде патенттер – 2, өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 9. 2012-жылдын 31-декабрына карата катталган өнөр жай үлгүлөрүнүн саны 216 түздү, анын ичинде патенттер – 66, өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патенттер – 150.

В 2012 году в Государственный реестр внесены 11 промышленных образцов, среди которых патентов – 2, патентов под ответственность заявителя – 9. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных промышленных образцов составляет 216, из них 66 патентов, 150 патентов под ответственность заявителя.

Кыргыз Республикасынын аймагында бардык корголуучу өнөр жай үлгүлөрү 5458 түзөт, анын ичинде улуттук жол-жобо боюнча – 88, алардын ичинен өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги – 70, патенттер – 18, Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча 5370 (1561өтүнмө боюнча) түздү.

2012-жылы Кыргызпатентке Өнөр жай сүрөттөрүн жана моделдерин эл аралык каттоо жөнүндө Гаага макулдашуусунун жол-жобосуна ылайык 114 өтүнмө келип түштү. 114 өтүнмөдөгү өнөр жай үлгүлөрүнүн жалпы саны 402 түздү.

Всего охраняемых промышленных образцов на территории Кыргызской Республики составляет 5458, в том числе по национальной процедуре составляет 88, из них патентов под ответственность заявителя – 70, патентов – 18, по процедуре Гаагского соглашения – 5370 (по 1561 заявкам).

В соответствии с процедурой Гаагского соглашения о международной регистрации промышленных рисунков и моделей в Кыргызпатент в 2012 году поступило 114 заявок. Общее количество промышленных образцов, содержащихся в 114 заявках, составляет 402.

**Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык классификациялоого ылайык Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча өнөр жай үлгөлөрүнө өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү**

***Распределение заявок на промышленные образцы по процедуре Гаагского соглашения согласно Международной классификации промышленных образцов***

**3.2-диаграмма**
***Диаграмма 3.2***



**02 – Кийим-кечек буюмдары, галантерея**
*Предметы одежды, галантерея*
**03 – Жолго керектүү буюмдар, кутучалар**
*Дорожные принадлежности, футляры*
**06 – Эмерек буюмдары**
*Предметы меблировки*
**07 – Үй тиричилигинин буюмдары**
*Предметы домашнего обихода*
**09 – Товарларды ташуу, манипуляциялоо же сактоо үчүн пайдаланылуучу идиштер, таңгактар жана контейнерлер**
*Тара, упаковки и контейнеры, используемые для транспортировки, манипулирования или хранения товаров*
**10 – Ченөө, текшерүү жана белги берүү үчүн сааттар, башка приборлор жана куралдар**
*Часы, прочие приборы и инструменты для измерения, контроля и сигнализации*
**11 – Жасалгалоо буюмдары**
*Предметы украшения*
**12 – Унаа каражаттары**
*Транспортные средства*
**13 – Электр кубатын алуу, бөлүштүрүү жана кайра өзгөртүү үчүн жабдуулар**
*Оборудование для получения, распределения и преобразования электроэнергии*
**15 – Башка класстарга киргизилбеген машиналар**
*Машины, не включенные в другие классы*
**19 – Канцелярдык жана конторалык буюмдар**
*Канцелярские и конторские принадлежности*
**20 – Соода жана жарнактар үчүн жабдуулар, көрсөткүч белгилер**
*Оборудование для торговли и рекламы, указательные знаки*
**23 – Суюктуктарды жана газдарды бөлүштүрүү үчүн жабдуулар**
*Оборудование для распределения жидкостей и газов*
**24 – Медициналык жана лабораториялык жабдуулар**
*Медицинское и лабораторное оборудование*
**25 – Курулуш материалдары, куралмалар жана алардын элементтери**
*Строительные материалы, конструкции и их элементы*
**26 – Жарык кылуучу приборлор жана түзүлүштөр**
*Осветительные приборы и устройства*
**32 – Графикалык символдор жана графикалык элементтер**
*Графические символы и графические элементы*

**Өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча өтүнмөлөрдүн бөлүштүрүлүшү (2008-2012-жылдар)**

***Распределение заявок по процедуре Гаагского соглашения по странам заявителей (2008-2012 годы)***

**3.2-таблица**
***Таблица 3.2***

| **Өлкө** *Страна* | **Өлкөнүн коду** *Код страны* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Армения* | AM | - | - | 2 | - | - |
| *Бельгия* | BE | 4 | 4 | 1 | - | 2 |
| *Болгария* | BG | 2 | - | 1 | - | - |
| Улуу Британия *Великобритания* | GB | - | - | 2 | - | - |
| *Венгрия* | HU | 1 | - | - | 1 | 1 |
| *Гана* | GH | - | - | 1 | - | - |
| *Германия* | DE | 11 | 8 | 15 | 16 | 6 |
| *Греция* | GR | 1 | - | - | - | - |
| Европа Союзу *Европейский Союз* | EU | 5 | - | 1 | 5 | 5 |
| *Египет* | EG | - | 1 | - | 1 | - |
| *Испания* | ES | 4 | - | 1 | 2 | 1 |
| *Италия* | IT | - | 6 | 2 | 3 | 2 |
| *Лихтенштейн* | LI | - | - | - | - | 1 |
| *Люксембург* | LU | - | 1 | - | 2 | - |
| *Молдавия* | MD | - | - | 1 | - | - |
| *Монако* | MC | 1 | - | - | - | - |
| *Нидерланды* | NL | 5 | 2 | - | - | - |
| *Польша* | PL | - | 3 | 1 | 1 | 1 |
| *Сенегал* | SN | 1 | - | - | - | - |
| *Сербия* | RS | - | - | - | - | 2 |
| *Словения* | SI | - | - | 1 | - | 1 |
| Түркия *Турция* | TR | 7 | 8 | 6 | 5 | 5 |
| *Украина* | UA | - | 4 | - | 2 | - |
| *Франция* | FR | - | 4 | 3 | 2 | 1 |
| *Хорватия* | NR | - | - | - | - | 1 |
| *Швейцария* | CH | 187 | 132 | 97 | 98 | 85 |

Кыргыз Республикасынын аймагында Гаага макулдашуусунун жол-жобосу боюнча корголуучу өнөр жай үлгүлөрүнүн саны 5370 түзөт.

Отчеттук мезгилде 143 оң чечим чыгарылды, баш тартылган чечимдер болгон жок.

Количество промышленных образцов, охраняемых по процедуре Гаагского соглашения на территории Кыргызской Республики составляет 5370.

За отчетный период вынесено 143 положительных решения, отказных решений – нет.

### 4. Рационализатордук сунуштар

Отчеттук 2012-жылы рационализатордук сунуштарды каттоого жеке жактардан 72 өтүнмө келип түштү. 2011-жылга салыштырмалуу берилген өтүнмөлөрдүн саны 17,5 %га көбөйдү. Рационализатордук сунуштарды каттоого Бишкек шаарынын авторлору өтүнмөлөрдү активдүү беришкен, бул 15,3 %ды түздү, өтүнмөлөрдүн жалпы санынан Ош облусу - 15,3 %ды түздү, 2012-жылда эң чоң көрсөткүч Чүй (27,8 %) жана Жалал-Абад (26,4 %) облустарында байкалды.

### 4. Рационализаторские предложения

В отчетном 2012 году поступило 72 заявки на регистрацию рационализаторского предложения от физических лиц. Количество заявок по сравнению с 2011 годом увеличилось на 17,5 %. Наиболее активно подавали заявки на регистрацию рационализаторских предложений авторы из Бишкека, что составило 15,3 %, из Ошской области 11,1 % от общего количества заявок, наибольший показатель за 2012 год наблюдается в Чуйской (27,8 %) и Жалал-Абадской (26,4 %) областях.

**Рационализатордук сунуштарды каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок на рационализаторские предложения (2008-2012 годы)***

**4.1-таблица**
***Таблица 4.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** *Наименование показателя* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн саны *Количество заявок* | 56 | 87 | 76 | 41 | 72 |

Отчеттук мезгилде рационализатордук сунуштарды каттоо жөнүндө 53 оң чечим, 5 каттоодон баш тартуу чечими чыгарылды, ал эми 14 каралууда.

2012-жылы Мамлекеттик реестрге 50 рационализатордук сунуш киргизилди. 2012-жылдын 31-декабрына карата катталган рационализатордук сунуштардын саны 660 түздү.

За указанный период вынесено 53 положительных решения о регистрации рационализаторских предложений, 5 – отказных решений, 14 находятся на рассмотрении.

В 2012 году в Государственный реестр внесено 50 рационализаторских предложений. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных рационализаторских предложений составило 660.

**Ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү жана рационализатордук сунуштар боюнча келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок по изобретениям, полезным моделям, промышленным образцам и рационализаторским предложениям (2008-2012 годы)***

**4.1-диаграмма**
*Диаграмма 4.1*




**1 – Ойлоп табуулар**
*Изобретения*
**2 – Пайдалуу моделдер**
*Полезные модели*
**3 – Өнөр жай үлгүлөрү**
*Промышленные образцы*
**4 – Рационализатордук сунуштар**
*Рационализаторские предложения*

**Мамлекеттик реестрлерде катталган ойлоп табуулардын, пайдалуу моделдердин, өнөр жай үлгүлөрүнүн жана рационализатордук сунуштардын саны (2012-жыл)**
***Количество зарегистрированных изобретений, полезных моделей, промышленных образцов и рационализаторских предложений в Государственных реестрах (2012 год)***

**4.2-диаграмма**
*Диаграмма 4.2*




**1 – Ойлоп табуулар**
*Изобретения*
**2 – Пайдалуу моделдер**
*Полезные модели*
**3 – Өнөр жай үлгүлөрү**
*Промышленные образцы*
**4 – Рационализатордук сунуштар**
*Рационализаторские предложения*

**П – Патент**
**ӨЭЖП – Өтүнмө ээсинин жоопкерчилигиндеги патент**
***ППОЗ*** *– Патент под ответственность заявителя*
**К – Күбөлүк**
***С*** *– Свидетельство*

## 5. Товардык белгилер

2012-жылы улуттук жол-жобо боюнча товардык белгилерди каттоого 703 өтүнмө келип түштү. Мурдагы жылга салыштырмалуу өтүнмөлөрдүн келип түшүшү бул жылы 2,9 %га азайды. Чүй, Ысык-Көл жана Ош облустарынан улуттук өтүнмөлөр келип түштү. Чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип түшкөн өтүнмөлөрдүн үлүшү жалпы санынан 73,8 %ды түздү.

## 5. Товарные знаки

В 2012 году на регистрацию товарных знаков по национальной процедуре поступило 703 заявки. Поступление заявок за этот год уменьшилось на 2,9 % по сравнению с прошлым годом. Национальные заявки поступили из Чуйской, Иссык-Кульской и Ошской областей. Доля заявок, поступивших от иностранных заявителей составляет 73,8 % от общего количества.

**Товардык белгилерди каттоого келип түшкөн өтүнмөлөрдүн динамикасы (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок на регистрацию товарных знаков (2008-2012 годы)***

**5.1-таблица**
***Таблица 5.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** *Наименование показателя* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 750 | 646 | 682 | 724 | 703 |
| Улуттук өтүнмөлөр *Национальные заявки* | 239 | 227 | 184 | 180 | 184 |
| Чет өлкөлүк өтүнмөлөр *Иностранные заявки* | 511 | 419 | 498 | 544 | 519 |

Көрсөтүлгөн мезгилде товардык белгилерге берилген өтүнмөлөр боюнча 620 оң чечим чыгарылды, 41 өтүнмөгө баш тартуу чечими чыгарылды, 19 өтүнмө кайра сурап алынды.

Келип чыккан өлкөлөр боюнча улуттук жол-жобо боюнча келип түшкөн өтүнмөлөрдү бөлүштүрүүдө өтүнмөлөрдүн эң көп саны АКШдан, Казакстандан, Япониядан, Кытайдан, Улуу Британиядан, Россиядан жана Швейцариядан келип түшкөнү көрүнүп турат.

За указанный период по заявкам на товарные знаки вынесено положительных решений – 620, отказных решений – 41, отозванных заявок – 19.

Распределение заявок, поступивших по национальной процедуре по странам происхождения, показывает, что наибольшее количество заявок поступило из США, Казахстана, Японии, Китая, Великобритании, Росссии и Швейцарии.

**Өтүнмө ээлеринин өлкөлөрү боюнча өтүнмөлөрдү бөлүштүрүү (2012-жыл)**
***Распределение заявок по странам заявителей (2012 год)***

**5.1-диаграмма**
***Диаграмма 5.1***




2012-жылы Кыргыз Республикасынын Товардык белгилеринин мамлекеттик реестрине 672 товардык белги катталган. 2012-жылдын 31-декабрына катталган товардык белгилердин саны 11 678ди түзөт.

Улуттук жол-жоболор боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу товардык белгилердин саны – 8850.

В 2012 году в Государственном реестре товарных знаков Кыргызской Республики зарегистрировано 672 товарных знака. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных товарных знаков составляет 11 678.

Количество охраняемых на территории Кыргызской Республики товарных знаков по национальной процедуре – 8850.

## 6. Эл аралык товардык белгилер

2012-жылдын ичинде товардык белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид системасы боюнча 2724 өтүнмө келип түштү, бул мурдагы жылга салыштырганда өсүш 5,7 %га азайгандыгын көрсөтөт. Мадрид системасы боюнча корголуучу товарлар бардыгы болуп – 49 215.

## 6. Международные товарные знаки

В течение 2012 года по Мадридской системе о международной регистрации товарных знаков поступило 2724 заявки, по сравнению с предыдущим годом динамика показывает уменьшение на 5,7 %. Всего охраняемых товарных знаков по Мадридской системе – 49 215.

**Эл аралык өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы (2008-2012-жылдар)**
***Динамика поступления международных заявок (2008-2012 годы)***

**6.1-таблица**
***Таблица 6.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** ***Наименование показателя*** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 4844 | 4123 | 4147 | 4342 | 4091 |
| келип түштү (жаңы) *поступило (новых)* | 3200 | 2595 | 2530 | 2625 | 2724 |
| узартылды *продлено* | 1644 | 1528 | 1617 | 1717 | 1367 |

**Эл аралык өтүнмөлөрдү өлкөлөр – өтүнмө ээлери боюнча бөлүштүрүү (2012-жыл)**
***Распределение международных заявок по странам-заявителям (2012 год)***

**6.1-диаграмма**
***Диаграмма 6.1***



Көрсөтүлгөн мезгил ичинде оң чечим чыгарылганы – 2456, биротоло баш тартылганы – 71, биротоло жарым жартылай баш тартылганы – 28, кайра суралып алынган өтүнмөлөр – 10.

Кыргыз Республикасынын Мадрид системасына кирген күнүнөн тартып бүтүндөй мезгил ичинде, келип чыккан ведомство катары, Кыргызпатент аркылуу 12 өтүнмө берилген, анын ичинен 4 өтүнмө 2012-жылы берилген.

В указанный период вынесено положительных решений – 2456, окончательных отказов – 71, окончательных частичных отказов – 28, отозванных заявок – 10.

За весь период со дня вступления Кыргызской Республики в Мадридскую систему, через Кыргызпатент, как ведомство происхождения, было подано 12 заявок, из них 4 заявки поданы в 2012 году.

## 7. Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары

2012-жыл ичинде товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын (ТЧЖА) каттоого 1 өтүнмө келип түштү: «КАРАЧИНСКАЯ».

Өтүнмө берүүчү: «Карачинский источник» Жоопкерчилиги чектелген коому, РФнын Новосибирск облусундагы Чановск районунун «Озеро Карачи» кыштагы

Товардын түрү – минералдык суу.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде ТЧЖАны каттоо жөнүндө 1 чечим жана катталган ТЧЖАны пайдаланууга укук берүү жөнүндө 3 чечим чыгарылган.

2012-жылы Мамлекеттик реестрде 5 товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары катталды. 2012-жылдын 31-декабрына 13 товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары катталды.

## 7. Наименования мест происхождения товаров

За 2012 год на регистрацию наименований мест происхождения товаров (НМПТ) поступила 1 заявка: «КАРАЧИНСКАЯ».

Заявитель: Общество с ограниченной ответственностью «Карачинский источник», поселок «Озеро Карачи» Чановского района Новосибирской области РФ.

Вид товара – минеральная вода.

За указанный период вынесено 1 решение о регистрации НМПТ и 3 решения о предоставлении права пользования зарегистрированным НМПТ.

В 2012 году в Государственном реестре зарегистрировано 5 наименований мест происхождения товаров. На 31 декабря 2012 года зарегистрировано 13 наименований мест происхождения товаров.

## 8. Фирмалык аталыштар

Отчеттук 2012-жылы фирмалык аталыштарды каттоого улуттук өтүнмө берүүчүлөрдөн 30 өтүнмө келип түшкөн. Ушул жылы өтүнмөлөрдүн келип түшүүсү 2011-жылдагыга салыштырмалуу 12,0 %га көбөйдү. 2012-жыл ичинде Бишкектин ишкерлери өзүлөрүнүн фирмалык аталыштарын кыйла активдүү катташты. Ошентип, Бишкектин ишкерлери тарабынан берилген өтүнмөлөрдүн саны берилген өтүнмөлөрдүн жалпы санынын 93,4 %ын түздү.

## 8. Фирменные наименования

В отчетном 2012 году поступило 30 заявок на регистрацию фирменного наименования от национальных заявителей. Поступление заявок за этот год увеличилось на 12,0 % по сравнению с 2011 годом. В течение 2012 года наиболее активно регистрировали свои фирменные наименования предприниматели Бишкека. Так, количество заявок, поданных предпринимателями Бишкека, составило 93,4 % от общего количества поданных заявок.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде фирмалык аталыштарга өтүнмөлөр боюнча 28 оң чечим чыгарылып, 2 өтүнмө кайра суралып алынды.

2012-жылы Мамлекеттик реестрде 25 фирмалык аталыш катталды. 2012-жылдын 31-декабрына катталган фирмалык аталыштардын саны 326ны түздү.

В указанный период по заявкам на фирменные наименования вынесено 28 положительных решений, 2 заявки отозваны.

В 2012 году в Государственном реестре зарегистрировано 25 фирменных наименований. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных фирменных наименований составило 326.

## 9. Селекциялык жетишкендиктер

2012-жылы селекциялык жетишкендиктерди каттоого 1 өтүнмө келип түштү, 1 оң чечим чыгарылды, 1 өтүнмө каралууда. 2012-жылдын 31-декабрына карата Мамлекеттик реестрде катталган селекциялык жетишкендиктердин саны 44тү түздү.

## 9. Селекционные достижения

В 2012 году на регистрацию селекционных достижений поступила 1 заявка, вынесено 1 положительное решение, 1 заявка находится на рассмотрении. На 31 декабря 2012 года количество зарегистрированных селекционных достижений в Государственном реестре составило 44.

**Селекциялык жетишкендиктерди каттоого өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы (2008-2012-жылдар)**

***Динамика поступления заявок на регистрацию селекционных достижений (2008-2012 годы)***

**9.1-таблица**
***Таблица 9.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** *Наименование показателя* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 1 | 2 | 7 | 2 | 1 |
| Өсүмдүктөрдүн сортторуна *На сорта растений* | 1 | - | 6 | - | 1 |
| Жаныбарлардын тукумдарына *На породы животных* | - | 2 | 1 | 2 | - |

Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу селекциялык жетишкендиктердин бардыгы – 11.

Всего охраняемых на территории Кыргызской Республики селекционных достижений – 11.

## 10. Салттуу билимдер

2012-жылы салттуу билимдерди каттоого 1 өтүнмө келип түштү («Бекжан» сүт азыгы). Мамлекеттик реестрге 1 салттуу билим киргизилди.

## 10. Традиционные знания

В 2012 году поступила 1 заявка на регистрацию традиционных знаний (молочный продукт «Бекжан»). В Государственный реестр внесено 1 традиционное знание.

## 11. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин коргоо

“Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргызпатент автордук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө мамлекеттик жамааттык башкарууну ишке ашырат, чыгармачылыкты өнүктүрүү, сотко кайрылуу укугун камтуу менен, авторлордун жана чектеш укук ээлеринин укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтөт, автордук укуктарды пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзөт, ошондой эле автордук сый акыларды чогултууну жана авторлор менен укук ээлерине бөлүштүрүүнү жана төлөп берүүнү жүзөгө ашырат.

2012-жылы Кыргызпатентке автордук укук объектилерин каттоого келип түшкөн өтүнмөлөр – 264, ЭЭМ үчүн программаларды каттоого келип түшкөн өтүнмөлөр – 25. Автордук укук объектилерине, ЭЭМ үчүн программаларга көрсөтүлгөн мезгил ичинде келип түшкөн өтүнмөлөрдүн саны 2011-жылдагыга салыштырмалуу 12,9 %га көбөйдү.

## 11. Охрана объектов авторского права и смежных прав

Согласно Закону Кыргызской Республики «Об авторском праве и смежных правах» Кыргызпатент осуществляет государственное коллективное управление в сфере авторских и смежных прав, содействует созданию правовых условий для развития творчества, реализации правомочий авторов и обладателей смежных прав, включая право на обращение в суд, заключает договоры об использовании авторских прав, а также осуществляет сбор, распределение и выплату авторского вознаграждения (гонорара) авторам и правообладателям.

В 2012 году в Кыргызпатент поступило заявок на регистрацию объектов авторского права – 264, на регистрацию программ для ЭВМ – 25. Количество заявок на объекты авторского права, программы для ЭВМ за указанный период по сравнению с 2011 годом увеличилось на 12,9 %.

**Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин каттоого өтүнмөлөрдүн келип түшүү динамикасы (2008-2012-жылдар)**
***Динамика поступления заявок на регистрацию объектов авторского права и смежных прав (2008-2012 годы)***

**11.1-таблица**
***Таблица 11.1***

| **Көрсөткүчтүн аталышы** *Наименование показателя* | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| Өтүнмөлөрдүн жалпы саны *Общее количество заявок* | 237 | 233 | 233 | 224 | 289 |
| Автордук укук объектилери *Объекты авторского права* | 206 | 218 | 214 | 203 | 264 |
| ЭЭМ үчүн программалар *Программы для ЭВМ* | 28 | 15 | 19 | 20 | 25 |
| Маалымат базалары *Базы данных* | 3 | - | - | 1 | - |

2012-жылы Мамлекеттик реестрде 149 автор, 262 чыгарма, 22 ЭЭМ үчүн программалар катталды. 2012-жылдын 31-декабрына карата Мамлекеттик реестрге 1827 автор, 4268 чыгарма, 260 ЭЭМ үчүн программалар, 17 маалымат базасы киргизилди.

2012-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу автордук укуктарга 2098 күбөлүк, чектеш укуктарга 35, ЭЭМ үчүн программаларга 262, маалымат базаларына 17 күбөлүк берилди.

Отчеттук мезгил ичинде автордук сый акыларды чогултуу 5 509 490, 25 сомду түздү.

2011-жылга салыштырмалуу 2012-жылы автордук сый акыларды чогултуу 0,7%га төмөн болду. Чогултуунун төмөндөшүнүн негизги себеби болуп, КРнын УТРКсынын 1050607,50 сом (952500 сом негизги карыз + 98107,50 сом өсүм) өлчөмүндөгү карызын төлөбөгөндүгү эсептелет.

В 2012 году в Государственном реестре зарегистрировано 149 авторов, 262 произведения, 22 программы для ЭВМ. На 31 декабря 2012 года в Государственный реестр внесено 1827 авторов, 4268 произведений, 260 программ для ЭВМ, 17 баз данных.

На 31 декабря 2012 года выдано 2098 свидетельств на авторские права, 35 свидетельств на смежные права, 262 – на программы для ЭВМ, 17 – на базы данных, охраняемые на территории Кыргызской Республики.

За отчетный период сбор авторского вознаграждения составил 5 509 490, 25 сом.

В сравнении с 2011 годом в 2012 году произошло снижение сбора авторского вознаграждения на 0,7 %. Основной причиной снижения сбора является невыплата ОТРК КР долга в размере 1050607,50 сомов (952500 сом основной долг + 98107,50 сом пеня).

**Автордук сый акыларды чогултуунун динамикасы (2008-2012-жылдар)**
***Динамика сбора авторского вознаграждения (2008-2012 годы)***

**11.1-диаграмма**
***Диаграмма 11.1***




**Автордук сый акыларды чогултууну төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча бөлүштүрүү (2011-2012-жылдар)**
***Распределение сбора авторского вознаграждения по категориям плательщиков (2011-2012 годы)***

**11.2-диаграмма**
***Диаграмма 11.2***




**1 – кафе, барлар**
*кафе, бары*
**2 – ТРК**
*ТРК*
**3 – театрлар**
*театры*
**4 – Мех. жазуу**
*Мех. запись*
**5 – Чет өлкөлөр**
*Зарубеж*

2012-жылы Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынан келип түшүүчү аудиовизуалдык продукцияны изилдөө боюнча иштер улантылды. Изилденген продукциянын жалпы саны 4617 нусканы түзүп, алар боюнча 12 корутунду чыгарылды. Материалдар КРнын укук коргоо органдарына жиберилди.

В 2012 году Кыргызпатентом продолжена работа по исследованию аудиовизуальной продукции, поступившей от правоохранительных органов Кыргызской Республики. Общее количество исследованной продукции составило 4617 экземпляров, по которым вынесено 12 заключений. Материалы направлены в правоохранительные органы КР.

**Изилденген продукциянын саны (2008-2012-жылдар)**
***Количество исследованной продукции (2008-2012 годы)***

**11.2-таблица**
***Таблица 11.2***

| **Көрсөткүчтүн аталышы**<br>***Наименование показателя*** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| MP3 форматындагы компакт-дисктер<br>*Компакт-диски формата MP3* | 554 | 1 621 | 299 | 168 | 331 |
| Аудио компакт-дисктер<br>*Аудио компакт-диски* | 97 | 310 | 21 | 54 | 69 |
| DVD форматындагы компакт-дисктер<br>*Компакт-диски формата DVD* | 25 618 | 9 602 | 11 371 | 2268 | 4070 |
| Play Station үчүн оюн CDлери<br>*Игровые CD для Play Station* | - | 225 | 1 | - | - |
| PC үчүн оюн CDлери<br>*Игровые CD для PC* | - | 1 473 | 199 | 1316 | 136 |
| ПК менен компакт-дисктер<br>*Компакт-диски с ПО* | - | 56 | 3 | 559 | 11 |
| Бардыгы:<br>*Итого:* | 26 269 | 93 287 | 11 894 | 4365 | 4617 |

## V. Лицензиялык келишимдерди каттоо

2012-жылдын ичинде Кыргызпатентке келишимдерди каттоого 86 өтүнмө келип түштү. Экспертөө жүргүзүлдү жана 81 келишим катталды.

*Катталган келишимдердин ичинде:*

– өзгөчө лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга келишим – 3;

– өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен товардык белгилерди пайдаланууга келишим – 8;

– өзгөчөлүксүз лицензия берүү менен ЭЭМ үчүн программаларды пайдаланууга келишим – 5;

– укуктарды ыйгарып берүү жөнүндө келишимдер – 56 (анын ичинен товардык белгилерге – 53, өнөр жай үлгүсүнө – 1, ойлоп табууларга – 1, ЭЭМ үчүн программаларга – 1);

– мурда катталган лицензиялык келишимдер боюнча 9 өзгөрүүлөр катталды.

*Лицензиялык келишимдер түзүлдү:*

– товардык белгини пайдаланууга өзгөчө лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 3 келишим;

– товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз жана чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1 келишим;

– ЭЭМ үчүн программаны пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз жана чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 4 келишим;

– товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 4 келишим;

– товардык белгини пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз жана чет өлкөлүк юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 3 келишим;

– ЭЭМ үчүн программаны пайдаланууга өзгөчөлүксүз лицензия берүү жөнүндө кыргыз юридикалык өнөктөрдүн ортосунда – 1 келишим.

## V. Регистрация лицензионных договоров

В течение 2012 года в Кыргызпатент поступило 86 заявок на регистрацию договоров. Проведена экспертиза и зарегистрирован 81 договор.

*Из числа зарегистрированных договоров:*

- на использование товарных знаков с предоставлением исключительной лицензии – 3;

- на использование товарных знаков с предоставлением неисключительной лицензии – 8;

- на использование программы для ЭВМ с предоставлением неисключительной лицензии – 5;

- 56 договоров об уступке прав (в т. ч.: товарных знаков – 53, промышленных образцов – 1, изобретений – 1, программы для ЭВМ – 1);

- зарегистрировано 9 изменений по ранее зарегистрированным лицензионным договорам.

*Лицензионные договоры заключались:*

- между иностранными юридическими партнерами о предоставлении исключительной лицензии на использование товарного знака – 3;

- между кыргызскими и иностранными юридическими партнерами о предоставлении неисключительной лицензии на использование товарного знака – 1;

- между кыргызскими и иностранными юридическими партнерами о предоставлении неисключительной лицензии на использование программы для ЭВМ – 4;

- между иностранными юридическими партнерами о предоставлении неисключительной лицензии на использование товарного знака – 4;

- между иностранными юридическими и кыргызскими юридическими партнерами о предоставлении неисключительной лицензии на использование товарных знаков – 3;

- между кыргызскими юридическими партнерами о предоставлении неисключительной лицензии на программу для ЭВМ – 1.

*Уктарды ыйгарып берүү жөнүндө 56 келишимдин ичинен:*

– 50 келишим товардык белгилерге уктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү;

– 1 келишим ЭЭМ үчүн программага уктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жеке жана юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү;

– 1 келишим товардык белгилерге уктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү;

– 2 келишим товардык белгилерге уктарды ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жеке жактардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү;

– 1 келишим ойлоп табууга уктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү;

– 1 келишим өнөр жай үлгүсүнө уктарды ыйгарып берүү жөнүндө чет өлкөлүк юридикалык жактардын ортосунда түзүлдү.

*Автордук жана чектеш уктарды пайдалануу укугуна 251 лицензиялык макулдашуу катталды, анын ичинен:*

– теле көрсөтүү – 3;
– түнкү клуб – 5;
– дүкөндөр – 2;
– кафе, барлар, ресторандар – 235;
– караоке клубдар – 3;
– театр – 1;
– рингтон –1;
– отель – 1.

*Из 56 договоров об уступке прав:*

- 50 договоров об уступке прав на товарные знаки заключено между иностранными юридическими лицами;

- 1 договор об уступке прав на программу для ЭВМ заключен между кыргызскими физическими и юридическими лицами;

- 1 договор об уступке прав на товарные знаки заключен между кыргызскими юридическими лицами;

- 2 договора об уступке прав на товарные знаки заключено между кыргызскими физическими лицами и иностранными юридическими лицами;

- 1 договор об уступке прав на изобретение заключен между иностранными юридическими лицами;

- 1 договор об уступке прав на промышленный образец заключен между иностранными юридическими лицами.

*Зарегистрировано 251 лицензионное соглашение на право использования объектов авторского и смежных прав, из них:*

- телевидение – 3;
- ночной клуб – 5;
- магазины – 2;
- кафе, бары, рестораны – 235;
- караоке клубы – 3;
- театр – 1;
- рингтон – 1;
- отель – 1.

**Катталган лицензиялык келишимдердин аймактар боюнча бөлүштүрүлүшү (2012-жыл)**

***Распределение зарегистрированных лицензионных договоров по регионам (2012 год)***

**5.1-диаграмма**

***Диаграмма 5.1***




**1 – Бишкек ш.** / *г. Бишкек*

**2 – Чүй облусу** / *Чуйская область*

**3 –Ош ш.** / г. Ош

**4 – Ысык-Көл облусу** / *Иссык-Кульская область*

Ошондой эле мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкарууга ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө 20 келишим түзүлдү.

Также заключено 20 договоров о передаче полномочий на управление имущественными правами на коллективной основе.

## VI. Интеллектуалдык менчик укуктарын ишке ашыруу.

### Сот тажрыйбасы

2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы биринчи, экинчи жана үчүнчү инстанциялардын сот органдарындагы иштерди карап чыгуусуна катышты, ошондой эле адистер катарында Кыргыз Республикасынын соттторунун жана монополияга каршы органынын интеллектуалдык менчик объектилерине укуктардын бузулушу жөнүндөгү 8 (сегиз) талаш-тартыштарды карап чыгуу иштерине катышууну камсыз кылды. Доо арыздары боюнча Кыргыз Республикасынын сотторунда Кыргызпатенттин кызыкчылыктарын өкүлдөө жүзөгө ашырылды.

## VI. Осуществление прав интеллектуальной собственности.

### Судебная практика

В 2012 году Государственная служба интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики принимала участие в рассмотрении дел в судебных органах первой, второй и третьей инстанций, а также в качестве специалистов обеспечено участие в 8 (восьми) спорах о нарушении прав на объекты интеллектуальной собственности, рассмотренных судами и антимонопольным органом Кыргызской Республики. Осуществлено представительство интересов Кыргызпатента в судах Кыргызской Республики по исковым заявлениям.

**Соттук жыйындарда Кыргызпатенттин катышуусу (2012-жыл)**
***Участие Кыргызпатента в судебных заседаниях (2012 год)***

**6.1-таблица**
***Таблица 6.1***

| **Доо арыздарынын түрлөрү** *Виды исковых заявлений* | **Берилди** *Подано* | **Чечимдер чыгарылды** *Вынесено решений* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **канааттандырылды** *удовлетворено* | **баш тартылды** *отказано* | **даттанылат** *обжалуется* | **карап чыгуусуз калтырылды** *оставлено без рассмотрения* | **карап чыгууда** *на рассмотрении* |
| Пайдаланылбагандык себеби боюнча товардык белгини коргоону мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө *О досрочном прекращении охраны товарного знака по причине неиспользования* | 2 | - | 2 | - | - | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик органдын нормативдик эмес актысын жокко чыгаруу жөнүндө (Апелляциялык кеңештин чечимдери жана эксперттөөнүн чечимдери)<br>*Об отмене ненормативного акта государственного органа (Решения Апелляционного совета и решения экспертизы)* | 2 | - | - | - | 1 | 1 |
| Автордук укуктарды коргоо жөнүндө<br>*О защите авторских прав* | 2 | - | - | - | 1 | 1 |
| Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна Кыргызпатент менен лицензиялык келишим түзүүгө аргасыз кылуу жөнүндө<br>*О принуждении заключить лицензионное соглашение с Кыргызпатентом на право использования объектов авторского права и смежных прав* | 43 | 19 | - | 1 | - | 23 |
| Автордук сый акыны төлөтүү жөнүндө<br>*О взыскании авторского вознаграждения* | 19 | 5 | - | - | - | 14 |
| Бардыгы:<br>*Всего:* | 68 | 24 | 2 | 1 | 2 | 39 |

**Апелляциялык кеңеш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Апелляциялык кеңеш (мындан ары – Апелляциялык кеңеш) “Патент Мыйзамы” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Фирмалык аталыштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Селекциялык жетишкендиктер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык түзүлгөн. Апелляциялык кеңеш өнөр жай менчиги объектилери жана селекциялык жетишкендиктер боюнча эксперттөөнүн чечимдерине байланышкан товардык белгилер боюнча арыздарды жана каршылыктарды карап чыгуу боюнча баштапкы орган болуп эсептелет.

2012-жылы өнөр жай менчиги объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоого байланышкан талаш-тартыштардын негизги бөлүгү товардык белгилердин жана фирмалык аталыштардын айланасында болду.

Өнөр жай менчиги объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү боюнча 2012-жылы келип түшкөн каршылыктардын жана арыздардын бөлүштүрүлүшүнүн жалпы көрүнүшү 6.2-таблицада көрсөтүлдү.

**Апелляционный совет**

Апелляционный совет при Государственной службе интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (далее – Апелляционный совет) создан в соответствии с Патентным законом Кыргызской Республики, Законом Кыргызской Республики «О товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождения товаров», Законом Кыргызской Республики «О фирменных наименованиях», Законом Кыргызской Республики «О селекционных достижениях» и международными договорами Кыргызской Республики, участником которых является Кыргызская Республика. Апелляционный совет является обязательным первичным органом по рассмотрению заявлений о признании знака общеизвестным товарным знаком и возражений, связанных с решениями экспертизы по объектам промышленной собственности и селекционных достижений.

В 2012 году основная часть споров, связанных с правовой охраной объектов промышленной собственности и селекционных достижений происходила вокруг товарных знаков и фирменных наименований.

Общая картина распределения поступивших возражений и заявлений в 2012 году по видам объектов промышленной собственности и селекционных достижений представлена в таблице 6.2.

**Өнөр жай менчиги объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү боюнча каршылыктардын жана арыздардын Апелляциялык кеңеш тарабынан каралып чыгуусу (2012-жыл)**
***Рассмотрение Апелляционным советом возражений и заявлений по видам объектов промышленной собственности и селекционных достижений (2012 год)***

**6.2-таблица**
***Таблица 6.2***

| **Өнөр жай менчиги объектилеринин жана селекциялык жетишкендиктердин түрлөрү** *Вид объектов промышленной собственности и селекционных достижений* | **Келип түшкөн каршылыктардын саны** *Количество поступивших возражений* | **Каралып чыккан каршылыктардын саны** *Количество рассмотренных возражений* |
|---|---|---|
| Товардык белгилер<br>*Товарные знаки* | 8 | 7 |
| Фирмалык аталыштар<br>*Фирменные наименования* | 1 | 1 |
| Товардык белгинин жалпыга белгилүүлүгүн таануу / жоготкондугу жөнүндө арыздар<br>*Заявления о признании / утрате общеизвестн. товарного знака* | 1 | 1 |
| Бардыгы:<br>*Всего:* | 9 | 9 |

6.3-таблицада ар түрдүү өнөр жай менчиги объектилери боюнча каршылыктарды Апелляциялык кеңештин карап чыгуусунун жыйынтыктары келтирилди, аларга ылайык 2012-жылы каралган каршылыктардын 66 %ы канааттандырылды.

В таблице 6.3 приведены результаты рассмотрения Апелляционным советом возражений по различным объектам промышленной собственности, согласно которым 66 % рассмотренных в 2012 году возражений удовлетворены.

**Каршылыктарды Апелляциялык кеңештин карап чыгуусунун жыйынтыктары (2011-жыл)**
***Результаты рассмотрения возражений Апелляционным советом (2012 год)***

**6.3- таблица**
***Таблица 6.3***

| **Каршылыктарды / арыздарды карап чыгуунун жыйынтыктары** *Результаты рассмотрения возражения / заявления* | **Бардыгы** *Всего* | **Объектилердин түрлөрү боюнча** *По видам объектов* | |
|---|---|---|---|
| | | **ФА** *ФН* | **ТБ** *ТЗ* |
| Канааттандырылды<br>*Удовлетворено* | **6** | **-** | **6** |
| Баш тартылды<br>*Отказано* | **3** | **1** | **2** |
| Бардыгы:<br>*Всего:* | **9** | **1** | **8** |

## VII. Маалымат технологияларын жана системаларын өздөштүрүү

Кыргызпатент мекеменин ишин автоматташтырууга өтүү боюнча ишти улантты. Компьютердик техниканы жана жергиликтүү тарамды жакшыртуу боюнча иш улантылды. Кыйла маанилүү кадамдар төмөнкү багыттарда ишке ашырылды:

- товардык белгилерди эксперттөө бөлүмүндө ИМБДУнун ST. 66 XML стандартына ылайык эл аралык товардык белгилерди издөө боюнча программа өздөштүрүлдү;
- товардык белгилер боюнча маалымат базасын жана программанын кардарлар бөлүгүн түзүү аяктады;
- Нод32 антивирусунун сервердик чыгарылышы орнотулду, ал компьютерлерди аралыктан туруп текшерүүгө жана жаңылантып турууга мүмкүндүк берет. Нод32 антивирусунун сервердик чыгарылышынын жардамы менен бардык компьютерлерди аралыктан туруп мезгил мезгили менен текшерүү жүргүзүлүп турат. Бул текшерүүнүн натыйжасында жергиликтүү тарамга жүктөлүп калуучу жана Интернетке кирүүнүн ылдамдыгын төмөндөтүүчү вируска чалдыгуунун деңгээли төмөндөдү;
- Industrial Property Automation Systemдин (IPAS) көрсөтүүчү чыгарылышы орнотулду. IPASManager, IPASDesigner, IPASWed, IPASAdmin, IPASPublik компоненттери орнотулду. Башкаруу боюнча нускамалар изилденди.

## VII. Внедрение информационных технологий и систем

Кыргызпатент продолжил работу по переходу к автоматизации деятельности ведомства. Проводилась работа по модернизации компьютерной техники и локальной сети. Наиболее значительные шаги были осуществлены в следующих направлениях:

- в отдел экспертизы товарных знаков внедрена программа по поиску международных товарных знаков согласно XML стандарту ВОИС ST. 66;
- завершено создание базы данных и клиентская часть программы по товарным знакам;
- установлена серверная версия антивируса Нод32, которая позволяет удаленно проверять и обновлять компьютеры. Проводится периодическая удаленная проверка всех компьютеров с помощью серверной версии антивируса Нод32. В результате этой проверки снизился уровень зараженности вирусом, который загружал локальную сеть и снижал скорость доступа в Интернет;
- установлена демонстрационная версия Industrial Property Automation System (IPAS). Установлены компоненты IPASManager, IPASDesigner, IPASWed, IPASAdmin, IPASPublik. Изучены инструкции по администрированию.

## VIII. Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондусунун ишмердиги жана чыгармачылык ишмердүүлүктү өбөлгөлөө

Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондусу (ИМ Мамфонду) Кыргызстандагы ойлоп табуучулук жана чыгармачылык ишмердүүлүктү өбөлгөлөө үчүн жыл сайын финансылык жана техникалык жардамдарды көрсөтөт.

*Эл аралык сыйлыктар*

2012-жылы Кыргызпатент тарабынан сунушталган Кыргызстандын ойлоп табуучулары жана чыгармачыл ишмерлери ойлоп табуучулук жана чыгармачылык ишмердүүлүктөгү көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн ИМБДУнун Алтын медалдары менен сыйланышты.

Төмөнкүлөр ИМБДУнун Алтын медалдарынын ээлери болуп калышты: Ысман Осмонов – ойлоп табуучу, техника илимдеринин доктору, К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Айыл чарбасын электрлештирүү кафедрасынын профессору, Төлөгөн Мамеев – маданиятка эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын эл акыны, Мир-Али Балтабаев – медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-Орус (Славян) университетинин Дерматовенерология жана фтизиопульмонология кафедрасынын башчысы, Аалы Туткучев – төкмө акын.

## VIII. Деятельность Государственного фонда интеллектуальной собственности и стимулирование творческой деятельности

Государственный фонд интеллектуальной собственности (Госфонд ИС) ежегодно оказывает финансовую и техническую помощь для стимулирования изобретательской и творческой деятельности в Кыргызстане.

*Международные награды*

В 2012 году представленные Кыргызпатентом кандидатуры изобретателей и творческих деятелей Кыргызстана награждены Золотыми медалями ВОИС за выдающиеся достижения в изобретательской и творческой деятельности.

Обладателями Золотых медалей ВОИС стали: Ысман Осмонов – изобретатель, доктор технических наук, профессор кафедры электрификации сельского хозяйства Кыргызского национального аграрного университета им. К. Скрябина, Тологон Мамеев – заслуженный деятель культуры, народный поэт Кыргызской Республики, Мир-Али Балтабаев – доктор медицинских наук, профессор, заведующий кафедрой дерматовенерологии и фтизиопульмонологии Кыргызско-Российского (Славянского) университета, Аалы Туткучев – акын-импровизатор.



КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Т. Мамеевге ИМБДУнун сыйлыгын тапшыруу
*Вручение награды ВОИС – Т. Мамееву, заслуженному деятелю культуры КР*




Манасчы Р. Ысаковго Кыргызпатенттин грамотасын тапшыруу
*Вручение грамоты Кыргызпатента Р. Ысакову, манасчы*

Ошондой эле Ойлоп табуучулукка жана патент ишине кошкон салымдары үчүн В. И. Блинников атындагы ЕАПУнун Алтын медалдары менен И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясына караштуу М. Тыналиев атындагы Урология жана андрология кафедрасынын башчысы Акылбек Усупбаев жана Кыргыз-Орус (Славян) университетинин Интеллектуалдык менчик бөлүмүнүн начальниги Елена Мехова сыйланышты.

Сыйлыктар 2012-жылдын 26-апрелинде жыл сайын майрамдалуучу Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк жана Улуттук күнүнө арналган салтанаттуу иш-чарада тапшырылды.

Также Золотой медалью ЕАПО им. В. И. Блинникова за вклад в изобретательское и патентное дело были награждены Акылбек Усупбаев, доктор медицинских наук, профессор, заведующий кафедрой урологии и андрологии им. М. Тыналиева при Кыргызской государственной медицинской академии им. И. Ахунбаева и Елена Мехова, начальник отдела интеллектуальной собственности Кыргызско-Российского (Славянского) университета.

Награды вручены 26 апреля 2012 года на торжественном мероприятии по случаю ежегодного праздника – Всемирного и Национального дня интеллектуальной собственности.



ИМБДУнун жана ЕАПУнун Алтын медалдарынын ээлери,
2012-жылдын 26-апрели
*Золотые медалисты ВОИС и ЕАПО, 26 апреля 2012 года*

ИМ Мамфонду тарабынан ойлоп табуучулардын 6 арызы, авторлордун, маданият жана искусство ишмерлеринин 69 арызы каралды. Кайрылуулар боюнча төмөнкүдөй финансылык жардамдар көрсөтүлдү:

- 3 ойлоп табуучуга – 126319 сом өлчөмүндө,
- 28 авторго, маданият жана искусство ишмерлерине – 231400 сом өлчөмүндө.

Госфондом ИС рассмотрены 6заявлений изобретателей, 69 заявлений авторов и деятелей культуры и искусства. По обращениям оказана финансовая помощь:

- 3 изобретателям на сумму – 126319 сом,
- 28 авторам, деятелям культуры и искусства на сумму – 231400 сом.

*Ойлоп табуучулардын, авторлордун, маданият жана искусство ишмерлеринин чыгармачылыгына өбөлгө түзүү жана финансылык жардам көрсөтүү*

Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчигин өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн ИМ Мамфондунун Башкармалыгынын 2012-жылдын 17-апрелиндеги чечиминин негизинде, ойлоп табуучулук жана чыгармачылык ишмердүүлүктү шыктандыруу максатында бир жолу берилүүчү төмөнкүдөй стипендиялар тапшырылды:

- авторлорго, маданият жана искусство ишмерлерине – 5;
- ойлоп табуучуларга – 4;
- мыкты студенттерге жана республиканын ЖОЖдорунун мыкты окуучуларына – 15.

Отчеттук мезгил ичинде 62 авторго, 10 ойлоп табуучуга, 4 уюмга кеңеш берүү жана усулдук кызматтар көрсөтүлдү.

*Стимулирование и предоставление финансовой помощи изобретателям, авторам, деятелям культуры и искусства*

За вклад в развитие интеллектуальной собственности Кыргызской Республики на основании решения Правления Госфонда ИС от 17 апреля 2012 года, в целях поощрения изобретательской и творческой деятельности вручены единовременные стипендии:

- авторам и деятелям культуры – 5;
- изобретателям – 4;
- лучшим студентам и отличникам учебы ВУЗов республики – 15.

В отчетный период оказаны консультационные и методические услуги 62 авторам, 10 изобретателям, 4 организациям.

*Тегерек үстөлдөрдү, семинарларды, сынактарды жана көргөзмөлөрдү өткөрүү*

Ойлоп табуучулуктун, техникалык чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө көмөк көрсөтүү максатында төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү:

- “Кыргыз Республикасында авторлордун чыгармаларын сатуу көйгөйлөрү жана аны чечүүнүн жолдору” аттуу тегерек үстөл, анда авторлордун китептерин чыгаруу, сатуу, жаңы китеп дүкөндөрүн ошондой эле ордо калаабыздын борборунда китеп галереясын ачуу боюнча маселелер талкууга алынды. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун мүчөлөрү, басмалардын өкүлдөрү, басылмаларды сатуучулар катышты, 2012-жылдын 5-марты;
- ойлоп табуучулардын, бизнес коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн, КРнын Энергетика министрлигинин өкүлдөрүнүн катышуусунда “Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы инновациялык ишмердүүлүктүн абалы жана өнүктүрүүнүн келечектери жөнүндө” аттуу тегерек үстөл, 2012-жылдын 6-марты;

*Проведение круглых столов, семинаров, конкурсов и выставок*

В целях содействия развитию потенциала изобретательства, технического творчества проведены следующие мероприятия:

- круглый стол «Проблемы реализации произведений авторов в Кыргызской Республике и пути ее решения», на котором обсуждались вопросы по выпуску, реализации книг авторов, открытия новых книжных магазинов, а также книжной галереи в центре столицы. В мероприятии приняли участие члены Союза писателей Кыргызской Республики, представители издательств, реализаторы изданий, 5 марта 2012 года;
- круглый стол «О состоянии и перспективах развития инновационной деятельности в области энергетики Кыргызской Республики”, с участиемизобретателей, представителей бизнес сообщества, представителей Министерства энергетики КР, 6 марта 2012 года;

- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин, бизнес-коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн, ойлоп табуучулардын катышуусу менен "Кыргыз Республикасынын айыл чарба тармагында инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн келечектери жөнүндө" аттуу тегерек үстөл, 2012-жылдын 24-апрели;

- Ош шаарында «Инновациялык технологиялар жана интеллектуалдык менчикти башкаруу Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында" аттуу семинар, ага окумуштуулар, ЖОЖдордун окутучуулары, чакан жана орто бизнестин өкүлдөрү жана адистери (127 адам) катышты, 2012-жылдын 15-майы;

